1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз ишинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин алдында жооптуу.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төрагасы жыл сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төрагасынын ар жылдык отчетун кароонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселени карашы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндө токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.

**48-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төрагасы:

1) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы колбашчысы болуп саналат;

и улусные (административно-территориальные) органы власти.

**Статья 46.**

1. Структура Правительства Кыргызской Республики определяется Жогорку Кенешем Кыргызской Республики по предложению Торага Жогорку Кенеша Кыргызской Республики законом.

2. Председатель Правительства Кыргызской Республики назначается Жогорку Кенешем Кыргызской Республики.

3. Председателем Правительства Кыргызской Республики назначается представитель партии, получившей наибольшее количество мандатов на выборах в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики.

4. Члены Правительства Кыргызской Республики назначаются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики по представлению председателя Правительства Кыргызской Республики. Представляемые кандидатуры членов Правительства Кыргызской Республики согласовываются с депутатскими фракциями.

5. Председатель и члены Правительства Кыргызской Республики вправе подать прошение об отставке, Жогорку Кенеш Кыргызской Республики его принимает или отклонит.

6. Отставка председателя Правительства Кыргызской Республики влечет за собой отставку всего состава Правительства Кыргызской Республики. В случае отставки Правительства Кыргызской Республики его члены по поручению Жогорку Кенеша Кыргызской Республики продолжает исполнять свои обязанности до формирования нового Правительства Кыргызской Республики.

**Статья 47.**

1. Правительство Кыргызской Республики в своей деятельности ответственно перед Жогорку Кенешем Кыргызской Республики.

2. Премьер-министр Кыргызской Республики ежегодно представляет Жогорку Кенеш Кыргызской Республики отчет о работе Правительства Кыргызской Республики.

3. Жогорку Кенеш Кыргызской Республики по итогам рассмотрения ежегодного отчета председателя Правительства Кыргызской Республики по инициативе трети от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики может рассмотреть вопрос о выражении недоверия Правительству Кыргызской Республики. Постановление о выражении недоверия Правительству Кыргызской Республики принимается большинством не менее двух третей голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

**Статья 48.**

1. Председатель Правительства Кыргызской Республики:

1) является Главнокомандующим Вооруженными Силами Кыргызской Республики;

2) Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги жана эларалык уюмдардагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн башчыларын дайындоо жана кайра чакыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитетинин макулдугу менен Президентке сунуш киргизет;

3) жалпы же жарым-жартылай мобилизацияны жарыялайт; Кыргыз Республикасына баскынчылык жасалганда же түздөн-түз баскынчылык коркунучу болгондо согуш абалын жарыялайт жана бул маселени Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизет, өлкөнүн жана анын жарандарынын коопсуздугун коргоо талаптарында аскер абалын жарыялайт жана бул маселени Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна токтоосуз киргизет;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамына кирбеген администрациялык ведомстволорду, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот.

**49-статья.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын; Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларын аткарууну; мамлекеттин ички жана тышкы саясатын жүзөгө ашырууну камсыз кылат;

2) мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук тартипти сактоону, кылмыштуулукка каршы күрөшүүнү камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт;

3) каржы, баа, тариф, инвестициялык жана салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат;

4) республикалык бюджетти иштеп чыгат жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылат жана анын аткарылышын камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет берет;

5) маданият, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо, эмгек жана иш менен камсыз кылуу, социалдык камсыздоо, жаратылышты коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу чөйрөлөрүндө бирдиктүү мамлекеттик саясаттын жүргүзүлүшүн камсыз кылат;

6) экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана маданий өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын иштеп чыгат жана турмушка ашырат, алардын аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин алдында отчет берет;

7) менчиктин бардык түрлөрүн өнүктүрүүнүн жана аларды коргоонун бирдей шарттарын камсыз кылуу, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу боюнча чараларды ишке ашырат;

8) мамлекеттин эгемендигин, коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана улуттук коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды турмушка ашырат;

2) вносит предложение Президенту Кыргызской Республики с согласия соответствующего комитета Жогорку Кенеша Кыргызской Республики о назначении и отзыве глав дипломатических представительств Кыргызской Республики в иностранных государствах и международных организациях;

3) объявляет общую или частичную мобилизацию; объявляет состояние войны в случае агрессии или непосредственной угрозы агрессии на Кыргызскую Республику и незамедлительно вносит этот вопрос на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики; объявляет в интересах защиты страны и безопасности ее граждан военное положение и незамедлительно вносит этот вопрос на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

4) назначает и освобождает руководителей административных ведомств, иных органов исполнительной власти, не входящих в состав Правительства Кыргызской Республики.

**Статья 49.**

Правительство Кыргызской Республики:

1) обеспечивает исполнение Конституции Кыргызской Республики и законов Кыргызской Республики, нормативных правовых актов Президента Кыргызской Республики и Правительства Кыргызской Республики; реализацию внутренней и внешней политики государства;

2) осуществляет меры по обеспечению законности, прав и свобод граждан, охране общественного порядка, борьбе с преступностью;

3) обеспечивает проведение финансовой, ценовой, тарифной, инвестиционной и налоговой политики;

4) разрабатывает и представляет Жогорку Кенешу Кыргызской Республики республиканский бюджет и обеспечивает его исполнение; представляет Жогорку Кенешу Кыргызской Республики отчет об исполнении республиканского бюджета;

5) обеспечивает проведение единой государственной политики в сферах культуры, науки, образования, здравоохранения, труда и занятости, социального обеспечения, охраны природы, экологической безопасности и природопользования;

6) разрабатывает и осуществляет общегосударственные программы экономического, социального, научно-технического и культурного развития; отчитывается перед Жогорку Кенешем Кыргызской Республики об их реализации;

7) осуществляет меры по обеспечению равных условий развития всех форм собственности и их защите, по управлению объектами государственной собственности;

8) осуществляет меры по обеспечению государственного суверенитета, обороноспособности и национальной безопасности;

9) организует и обеспечивает осуществление внешнеэкономической деятельности, таможенного дела;



9) тышкы экономикалык иш-аракеттерди, бажы ишин уюштурат жана аларды турмушка ашырууну камсыз кылат;

10) Өкмөткө баш ийген органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана аткаруу бийлигинин башка органдарынын ишин багыттайт жана координациялайт;

11) жарандык коом менен өзара аракеттенүүнү камсыз кылат;

12) Кыргыз Республикасынын ушул Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен өзүнүн карамагына таандык башка ыйгарым укуктарды турмушка ашырат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы бирдиктүү акча-кредит жана валюта саясатын жүргүзүүнү камсыз кылышат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишин уюштуруу жана анын тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

**50-статья.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөт мүчөсү башка акы төлөнүүчү иш жүргүзүүгө, ишкердик кылууга, ошондой эле ишкердик кылган юридикалык жактын органынын мүчөсү болууга укуксуз.

## Алтынчы глава. Прокуратура

**51-статья.**

Кыргыз Республикасында мыйзамдардын так жана бир түрдүү аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Кыргыз Республикасынын прокуратурасы тарабынан жүргүзүлөт. Прокуратура органдарынын көзөмөлдүк кылуу, кылмыштык куугунтуктоону жүргүзүү, соттук териштирүүгө катышуу боюнча ыйгарым укуктары мыйзам менен аныкталат.

## Жетинчи глава. Кыргыз Республикасынын сот бийлиги

**52-статья.**

1. Кыргыз Республикасында сот бийлигин сот гана жүргүзөт.

Мыйзамда каралган учурларда жана тартипте Кыргыз Республикасынын жарандары сот адилеттигин жүргүзүүгө катышууга укуктуу.

2. Сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, администрациялык жана сот ишин жүргүзүүнүн башка түрлөрүндө жүзөгө ашырылат.

3. Кыргыз Республикасынын сот тутуму Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунан жана жергиликтүү соттордон турат. Конституциялык мыйзам менен адистештирилген соттор түзүлүшү мүмкүн.

Өзгөчө сотторду түзүүгө жол берилбейт.

4. Соттордун ишин уюштуруу жана анын тартиби мыйзам менен аныкталат.

10) направляет и координирует работу министерств, государственных комитетов, административных ведомств, местных государственных администраций и других органов исполнительной власти;

11) обеспечивает взаимодействие с гражданским обществом;

12) осуществляет иные полномочия, отнесенные к его ведению настоящей Конституцией Кыргызской Республики, законами Кыргызской Республики, указами Президента Кыргызской Республики.

2. Правительство Кыргызской Республики и Национальный банк Кыргызской Республики обеспечивают проведение единой денежно-кредитной и валютной политики.

3. Организация и порядок деятельности Правительства Кыргызской Республики определяется конституционным законом.

**Статья 50.**

Член Правительства Кыргызской Республики не вправе заниматься другой оплачиваемой деятельностью, заниматься предпринимательством, а также быть членом органа юридического лица, занимающего предпринимательской деятельностью.

## Глава шестая. Прокуратура

**Статья 51.**

В Кыргызской Республике надзор за точным и единообразным исполнением законодательных актов осуществляется прокуратурой Кыргызской Республики. Полномочия органов прокуратуры по надзору, уголовному преследованию, участию в судебном разбирательстве дел определяются законом.

## Глава седьмая. Судебная власть Кыргызской Республики

**Статья 52.**

1. Правосудие в Кыргызской Республике осуществляется только судом.

В предусмотренных законом случаях и порядке граждане Кыргызской Республики имеют право участвовать в отправлении правосудия.

2. Судебная власть осуществляется посредством конституционного, гражданского, уголовного, административного и иных форм судопроизводства.

3. Судебная система Кыргызской Республики состоит из Верховного суда Кыргызской Республики и местных судов. Конституционным законом могут учреждаться специализированные суды.

Создание чрезвычайных судов не допускается.

4. Организация и порядок деятельности судов определяются законом.

**53-статья.**

1. Судьялар көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына гана баш иет.

2. Судьяны жазык, ошондой эле сот тартибинде салынган административдик жоопкерчиликке тартуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен жүргүзүлөт.

3. Судьядан белгилүү бир иш боюнча отчет талап кылууга эч кимдин укугу жок.

**54-статья.**

1. Курагы 35 жаштан кем эмес жана 70 жаштан ашпаган укуктук жогорку билими жана кеминде 5 жылдык судьялык иш стажысы бар Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьясы боло алат.

2. Курагы 30 жаштан кем эмес жана 65 жаштан ашпаган укуктук жогорку билими жана укуктук кесиби боюнча кеминде 5 жылдык иш стажысы бар Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотунун судьясы боло алат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьялары Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңешинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 70 жашка чейин шайланат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьялары өздөрүнүн ичинен эки жылдык мөөнөткө Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасын жана орунбасарларын жашыруун добуш менен шайлайт.

4. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңештин сунушу менен тийиштүү жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан биринчи жолу 7 жылга, андан кийин 65 жашка чейин шайланат. Тийиштүү жергиликтүү соттордун судьялары өздөрүнүн ичинен төраганы шайлайт.

5. Судьяларды тандоо жана тийиштүү кеңештерге шайлоого сунуш кылуу Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңеши аркылуу ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңеши 20 адамдан турат. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңешинин курамынын төрттөн бири тиешелүү түрдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан, Кыргыз Республикасынын судьяларынын ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту тарабынан, Кыргыз Республикасынын өкмөттүк эмес уюмдарынын өкүлдөрүнүн ичинен Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан, Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кесиптик уюмдары тарабынан түзүлөт.

Сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңештин мүчөлөрү өздөрүнүн ичинен сот адилеттиги бо-

**Статья 53.**

1. Судьи независимы и подчиняются только Конституции Кыргызской Республики и законам Кыргызской Республики.

2. Привлечение судьи к уголовной, а также административной ответственности в судебном порядке осуществляется с согласия Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

3. Никто не вправе требовать отчет от судьи по конкретному делу.

**Статья 54.**

1. Судьей Верховного суда Кыргызской Республики может быть гражданин Кыргызской Республики не моложе 35 лет и не старше 70 лет, имеющий высшее юридическое образование и не менее 5-летний стаж судейской работы.

2. Судьей местного суда может быть гражданин Кыргызской Республики, не моложе 30 лет и не старше 65 лет, имеющий высшее юридическое образование и стаж работы по юридической профессии не менее пяти лет.

3. Судьи Верховного суда Кыргызской Республики избираются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики по представлению Национального совета Кыргызской Республики по делам правосудия до достижения ими 70 летнего возраста.

Судьи Верховного суда Кыргызской Республики из числа своего состава тайным голосованием избирают сроком на два года Торага Верховного суда Кыргызской Республики и его заместителей.

4. Судьи местных судов Кыргызской Республики избираются соответствующими местными кенешами по представлению Национального совета Кыргызской Республики по делам правосудия в первый раз на 7 лет, в последующем – до достижении ими 65 летнего возраста.

Судьи соответствующих местных судов из числа своего состава избирают торага местного суда.

5. Отбор кандидатур на должности судей и представление их местным кенешам для избирания осуществляется Национальным советом Кыргызской Республики по делам правосудия.

Национальный совет Кыргызской Республики по делам правосудия состоит из 20 человек. Состав Национального совета Кыргызской Республики по делам правосудия формируется по одночетвертой части соответственно Жогорку Кенешем Кыргызской Республики из числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, Верховным судом Кыргызской Республики из числа судей Кыргызской Республики, Президентом Кыргызской Республики из числа представителей неправительственных организаций Кыргызской Республики, профессиональными организациями адвокатов Кыргызской Республики.

Члены Национального совета Кыргызской Республики по делам правосудия избирают из числа своего состава торага Национального совета и



юнча Улуттук Кеңешинин төрагасын жана орунбасарларын шайлайт.

6. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Улуттук Кеңеши статусу, иштөө тартиби, ыйгарым укуктары мыйзам менен аныкталат.

7. Судьялардын статусу конституциялык мыйзам менен аныкталат.

**55-статья.**

1. Соттордун ички ишинин маселелерин чечүү үчүн соттук өзалдынча башкаруу органдары иштейт.

2. Кыргыз Республикасында соттук өзалдынча башкаруу органдары болуп Кыргыз Республикасынын судьяларынын съезди жана Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңеши саналат.

Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңеши судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргойт, соттордун бюджеттерин түзүүгө жана аткарууга контролдук кылат, судьяларды окутууну жана квалификациясын жогорулатууну, судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселени кароону уюштурат.

3. Кыргыз Республикасынын судьяларынын съездинин жана Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңешинин ишин уюштуруу мыйзам менен аныкталат.

**56-статья.**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун курамында пленум, конституциялык Палата жана кылмыш-жазалык, жарандык, экономикалык, административдик коллегиялар түзүлөт. Алардын курамынын саны, ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

**57-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасынын ыйгарым укуктары:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин суроо-талабы боюнча, анын кол коюусуна келип түшкөн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын күчүнө кирбеген эларалык келишимдеринин жана макулдашууларынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугун чечет;

3) жарандардын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулгандыгына жарандардын даттануулары боюнча жана соттордун суроо-талаптары боюнча мыйзамдын Конституцияга ылайыктуулугун текшерет;

4) Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселеси боюнча корутунду чыгарат;

5) саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын ишинин мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечет. Саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын иши Конституцияга ылайык эмес деп та-

его заместителей.

6. Статус Национального совета Кыргызской Республики по делам правосудия, порядок его работы, полномочия определяются законом.

7. Статус судей определяется конституционным законом.

**Статья 55.**

1. Для решения вопросов внутренней деятельности судов действует судейское самоуправление.

2. Органами судейского самоуправления в Кыргызской Республике являются съезд судей Кыргызской Республики и Совет судей Кыргызской Республики.

Совет судей Кыргызской Республики организует защиту прав и законных интересов судей, контроль за формированием и исполнением бюджета судов, организацию обучения и повышения квалификации судей, рассмотрение вопросов о привлечении судей к дисциплинарной ответственности.

3. Организация деятельности съезда судей Кыргызской Республики и Совета судей Кыргызской Республики определяется законом.

**Статья 56.**

В составе Верховного суда Кыргызской Республики образуются пленум, конституционная Палата и коллегии по уголовным, гражданским, экономическим, административным делам. Число их составов, полномочия и порядок деятельности определяются законом.

**Статья 57.**

1. Полномочия Конституционной Палаты Верховного суда Кыргызской Республики:

1) решает вопрос о соответствии законов и иных нормативных правовых актов Кыргызской Республики с Конституцией Кыргызской Республики;

2) по запросу Президента Кыргызской Республики решает вопрос о соответствии законов Кыргызской Республики, поступивших на его подписание, не вступивших в силу международных договоров и соглашений с Конституцией Кыргызской Республики;

3) по жалобам граждан на нарушенные их конституционных прав и свобод и по запросам судов проверяет конституционность закона;

4) дает заключение по вопросу о внесении изменений и дополнений в Конституцию Кыргызской Республики;

5) решает вопрос о законности деятельности политических партий, общественных объединений и религиозных организаций. В случае признание деятельности политических партий, общественных объединений и религиозных организаций не конституционным, принимает решение о запрете их деятельности на территории Кыргызской

былган учурда алардын ишин Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасынын чечими акыркы чечим болуп саналат жана ага даттанылбайт.

Мыйзам жа анын бир бөлүгү Конституцияга ылайыктуу эмес деп табылган учурда бул мыйзамдын же анын бир бөлүгүнүн күчү токтотула турат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасы ошол мыйзамдын же анын бир бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү бул туурасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине билдирет.

3. Конституциялык сот ишин жүзөгө ашыруу тартиби жана анын башка маселелери мыйзам менен жөнгө салынат.

**58-статья.**

1. Мамлекет соттордун иштешин жана судьялардын иш-аракеттерин каржылоону жана алар үчүн тийиштүү шарттарды камсыз кылат.

2. Соттордү каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт жана сот адилеттигин мыйзамдарга ылайык толук жана көз карандысыз турмушка ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

3. Сот адилеттиги тутумунун бюджети сот бийлиги тарабынан өзалдынча түзүлөт, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтери менен макулдашылат жана республикалык бюджетке киргизилет.

**59-статья.**

1. Мыйзамда каралган учурлардан тышкары, соттордо кылмыш-жазалык иштерди сырттан териштирүүгө жол берилбейт. Соттун чечими ачык жарыяланат жана тараптарга мыйзамда белгиленген мөөнөттө берилет.

2. Сот иши тараптардын атаандашуу жана тең укуктуулугунун негизинде жүргүзүлөт. Сот процессинин катышуучуларынын процесстик укуктары, анын ичинде чечимдерге, өкүмдөргө жана башка сот актыларына даттануу укугу, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруу тартиби мыйзам менен аныкталат.

**60-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, уюмдар, мекемелер жана ишканалар; алардын кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүт аймагында аткарылууга тийиш.

2. Сот актыларын аткарбоо, толук эмес аткарбоо же аларды аткарууга жолтоо кылуу, ошондой эле соттордун иштерине кийлигишүү мыйзам тарабынан белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

**61-статья.**

1. Сот ушул Конституцияга каршы келген ченемдик укук актыларды колдонууга укуксуз.

Республики.

2. Решение Конституционной Палаты Верховного суда Кыргызской Республики является окончательным и обжалованию не подлежит.

В случае признания закона или его части неконституционным, действие такого закона или его части приостанавливается, и Конституционная палата Верховного суда Кыргызской Республики уведомляет об этом Жогорку Кенеш Кыргызской Республики для приведения данного закона или его части в соответствие с Конституцией Кыргызской Республики.

3. Порядок осуществления и иные вопросы конституционного судопроизводства регулируются законом.

**Статья 58.**

1. Государство обеспечивает финансирование и надлежащие условия для функционирования судов и деятельности судей.

2. Финансирование судов производится за счет средств республиканского бюджета и должно обеспечивать возможность полного и независимого осуществления правосудия в соответствии с законом.

3. Бюджет системы правосудия формируется судебной властью самостоятельно и по согласованию с исполнительной и законодательной властями включается в республиканский бюджет.

**Статья 59.**

1. Заочное разбирательство уголовных дел в судах не допускается, за исключением случаев, предусмотренных законом. Решение суда объявляется публично и выдается участникам судебного процесса в сроки, предусмотренные законом.

2. Судопроизводство осуществляется на основе состязательности и равноправия сторон. Процессуальные права участников судебного процесса, в том числе право на обжалование решений, приговоров и других судебных актов, а также порядок их осуществления определяются законом.

**Статья 60.**

1. Вступившие в законную силу акты судов Кыргызской Республики обязательны для всех государственных органов, органов местного самоуправления, организаций, учреждений и предприятий, должностных лиц и частных лиц и подлежат исполнению на всей территории республики.

2. Неисполнение, неполное исполнение либо воспрепятствование исполнению судебных актов, а также вмешательство в деятельность судов влекут установленную законом ответственность

**Статья 61.**

1. Суд не вправе применять нормативный правовой акт, противоречащий настоящей Конституции.



2. Сот адилеттиги мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетиштүү каражаты жок экендиги сот тарабынан аныкталганда акысыз жүргүзүлөт.

3. Ушул Конституцияда каралбаган сот адилеттүүлүгүнүн принциптери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

## Сегизинчи глава.
## Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы

**62-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Башкы Акыйкатчысына жүктөлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Башкы Акыйкатчысы Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен беш жылга шайланат жана бошотулат.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунушу менен тийиштүү жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан улустук (администрациялык-аймактык) Акыйкатчылар үч жылга шайланат жана бошотулат.

4. Кыргыз Республикасынын Башкы Акыйкатчысын шайлоо тартиби, анын ыйгарым укуктары жана аларды жүзөгө ашыруу тартиби мыйзам менен белгиленет.

## Тогузунчу глава.
## Жергиликтүү өзалдынча башкаруу

**63-статья.**

1. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзалдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан ишке ашырылат, алар мыйзамдын чегинде жана өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарат.

2. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзалдынча башкаруусунун бирдиги болуп мыйзамда белгиленген администрациялык аймактын чегинде жергиликтүү жамааттарды бириктирген муниципалитет саналат.

Администрациялык аймакты жана анын чегараларын өзгөртүүгө тийиштүү аймактагы калктын пикирин эске алуу менен жол берилет.

3. Муниципалитеттерде жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууну жергиликтүү жамаат түздөнтүз жана муниципалитеттик шайлануучу органдары, мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү башка органдар аркылуу жүзөгө ашырат.

**64-статья.**

1. Муниципалитеттер мыйзамда белгиленген тартипте өз органдары аркылуу муниципалитеттик менчикти башкарат, жергиликтүү бюджетти түзөт,

2. В предусмотренных законом случаях, а также в случаях, когда суд определяет недостаточность средств сторон, участвующих в судебном разбирательстве, правосудие отправляется бесплатно.

3. Принципы правосудия, не рассмотренные в настоящей Конституции, определяются законами Кыргызской Республики.

## Глава восьмая.
## Акыйкатчы Кыргызской Республики

**Статья 62.**

1. В Кыргызской Республике осуществление контроля за соблюдением прав и свобод человека и гражданина возлагается на Главного Акыйкатчы Кыргызской Республики.

2. Главный Акыйкатчы Кыргызской Республики избирается на пять лет и освобождается от должности по представлению Президента Кыргызской Республики Жогорку Кенешем Кыргызской Республики большинством голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

3. По представлению Главного Акыйкатчы Кыргызской Республики соответствующими местными кенешами избираются на пять лет улусные (административно-территориальные) Акыйкатчы.

4. Порядок избрания Главного Акыйкатчы Кыргызской Республики, его полномочия и порядок их осуществления устанавливаются законом.

## Глава девятая.
## Местное самоуправление

**Статья 63.**

1. Местное самоуправление в Кыргызской Республике осуществляется местными сообществами, которые в пределах закона и под свою ответственность управляют делами местного значения.

2. Единицей местного самоуправления в Кыргызской Республике является муниципалитет, объединяющий местное сообщество в границах административной территории, установленной законом.

Изменение административной территории и ее границ допускается с учетом мнения населения соответствующей территории.

3. В муниципалитетах управление делами местного значения осуществляется местным сообществом непосредственно и через выборные органы муниципалитетов, другие органы, формируемые в установленном законом порядке.

**Статья 64.**

1. Муниципалитеты через свои органы, в соответствии с законом, управляют муниципальной собственностью, формируют, утверждают и ис-

бекитет жана аткарат, жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды жыйнайт жана бөлүштүрөт.

2. Муниципалитеттин өкүлчүлүктүү органдары жергиликтүү жамааттарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитет, аларды жүзөгө ашыруу жөнүндө маалыматтарды, бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты, муниципалитеттердин аткаруу-тескөөчү органдарынын ишин контролдойт, алардын отчетторун угат.

3. Муниципалитеттин органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген өз ыйгарым укуктарынын чегинде алардын аймактарында аткарууга милдеттүү болгон актыларды кабыл алат.

4. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзалдынча башкарууга мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча чыгымдардын ордун толтуруу, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген жергиликтүү өзалдынча башкаруунун укуктарын чектөөгө тыюу салууга болгон укуктарына сот аркылуу коргоо кепилдиги берилет.

5. Муниципалитеттин органдарына – жергиликтүү кеңештер, айыл өкмөттөрү, шаар башкармалары, мэриялар, мыйзам менен белгиленген тартипте жергиликтүү жамааттар тарабынан түзүлүүчү башка өзалдынча башкаруу органдары кирет.

6. Муниципалитеттин органдарына шайлоолор мыйзамда белгиленген тартиптерде жүргүзүлөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын курамынын жарымы партиялык тизме менен шайланат.

**65-статья.**

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарын уюштурулушунун жана ишинин негиздери белгиленет, ошондой эле алардын мамлекеттик бийлик органдары менен өзара мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

2. Муниципалитеттерге мамлекеттик айрым ыйгарым укуктар, аларды ишке ашыруу үчүн зарыл материалдык, финансылык жана башка каражаттары менен бирге өткөрүп берилиши мүмкүн.

Муниципалитеттер өздөрүнө өткөрүп берилген ыйгарым укуктар жана өз иштери боюнча жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчиликтүү болот.

## Онунчу глава.
## Адвокатура

**66-статья.**

1. Кыргыз Республикасында жеке адамдардын жана юридикалык жактардын бузулган укуктарын, кызыкчылыктарын, таламдарын коргоо үчүн адвокатура органдары түзүлүшү мүмкүн. Алары түзүүнүн формасы, ыйгарым укуктары, иштөө тартиби,

полняют местные бюджеты, собирают и распределяют местные налоги и сборы.

2. Представительные органы муниципалитетов утверждают программы социально-экономического развития местного сообщества и социальной защиты населения, заслушивают информацию об их реализации, заслушивают информацию об использовании внебюджетных фондов, контролируют работу исполнительно-распорядительных органов муниципалитетов, заслушивают их отчеты.

3. Органы муниципалитетов в пределах своих полномочий, установленных Конституцией Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики, принимают акты, обязательные для исполнения на их территории.

4. В Кыргызской Республике местному самоуправлению гарантируется судебная защита его права на компенсацию дополнительных расходов, возникших в результате решений, принятых органами государственной власти, прав местного самоуправления, установленных Конституцией и законами Кыргызской Республики.

5. К органам муниципалитета относятся – местные кенеши, айыл окмоту, городские управы, мэрии, иные органы самоуправления, создаваемые местными сообществами в порядке, установленном законом.

6. Выборы в муниципальные органы проводятся в установленном законом порядке.

Половина состава депутатов местных кенешей избирается по партийным спискам.

**Статья 65.**

1. Основы организации и деятельности органов местного самоуправления, а также регулирование их взаимоотношений с органами государственной власти устанавливаются законами Кыргызской Республики.

2. Муниципалитеты могут наделяться государственными полномочиями с передачей необходимых для их осуществления материальных, финансовых и иных средств.

По делегированным полномочиям и за результаты своей деятельности несут ответственность перед местными сообществами.

## Глава десятая.
## Адвокатура

**Статья 66.**

1. В Кыргызской Республике могут создаваться органы адвокатуры для защиты нарушенных прав, интересов физических и юридических лиц. Форма их создания, полномочия, обязанности и иные действия регулируются законами Кыргыз-



милдеттери жана башка аракеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

2. Жарандарга алардын бузулган укуктарын коргоодо акысыз укуктук жардам көрсөткөндүгү үчүн адвокаттарга акы мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттин эсебинен төлөнөт.

## Он биринчи глава.
## Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

**67-статья.**

1. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү укугу Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан көбүнө жана 200 миң шайлоочуга таандык.

2. Ушул Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен кеминде эки окуудан кийин кабыл алынат.

Ушул Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасынын корутундусун эске алуу менен карайт.

3. Ушул Конституциясына кабыл алынбаган өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бир жыл өтмөйүнчө кайталап киргизилиши мүмкүн эмес.

ской Республики.

2. Оплата вознаграждения адвокатам за оказание гражданам бесплатной юридической помощи в защите их нарушенных прав осуществляется за счет государства в порядке, установленной законом.

## Глава одиннадцатая.
## Порядок принятия изменений и дополнений в Конституцию Кыргызской Республики

**Статья 67.**

1. Право внесения изменений и дополнений в настоящую Конституцию принадлежит Президенту Кыргызской Республики, большинству от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и 200 тысячам избирателей.

2. Предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию принимаются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики с двумя третями голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики после не менее двух чтений.

Предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию рассматриваются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики с учетом заключения Конституционной палаты Верховного суда Кыргызской Республики.

3. Не принятые предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию не может быть внесены в Жогорку Кенеше Кыргызской Республики повторно не ранее чем через год.

# Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору

## (Президенттик башкаруу формасы)

Биз, Кыргызстандын эли,
Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралышын жана өркүндөшүн кубаттап;
кыргыздардын биримдиги өлкөбүздүн туруктуулугунун жана Кыргызстандын бүткүл элинин ынтымагынын пайдубалы болорун эстен чыгарбай;
ата-бабаларыбыздын биримдикте, тынчтыкта жана ынтымакта жашагыла деген осуятын туу тутуп;
ушул Конституцияны кабыл алабыз.

### Биринчи глава.
### Конституциялык түзүлүштүн негиздери

**1-статья.**

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, унитардык, демократиялык, укуктук мамлекет.

2. Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт жана анын бүтүндөй аймагын камтыйт. Кыргыз Республикасынын аймагы бөлүнгүс.

3. Кыргыз Республикасында эл гана бийликтин булагы болуп саналат.

Кыргызстан эли өз бийлигин түздөнтүз, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, Кыргыз Республикасынын ушул Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

4. Шайлоолор жана референдумдар жашыруун добуш берүү аркылуу жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде эркин жүргүзүлөт. Референдумга коюла турган маселелер жана референдумду өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы менен аныкталат.

5. Кыргыз Республикасында бийлик:

мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактарына бөлүштүрүү, алардын мыйзам боюнча иш аткаруу жана биргелешип аракеттенүү;

мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратып бөлүү;

мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз ыйгарым укуктарын элдин таламында жүргүзүү принциптерине негизденет.

**2-статья.**

1. Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү таанылат жана корголот.

2. Менчик колтийгис. Эч ким менчигинен ажыратылышы мүмкүн эмес, менчик ээсинин эркинен тышкары ал соттун чечими менен гана алынып

# Проект Конституции Кыргызской Республики

## (С президентской формой правления)

Мы, народ Кыргызстана,
поддерживая возрождение и совершенствование государственности кыргызского народа;
не забывая, что единство кыргызов является фундаментом стабильности страны и согласия всего народа Кыргызстана;
исходя из заветов наших предков жить в единстве, мире и согласии,
принимаем настоящую Конституцию.

### Глава первая.
### Основы конституционного строя

**Статья 1.**

1. Кыргызская Республика (Кыргызстан) - суверенное, унитарное, демократическое, правовое государство.

2. Суверенитет Кыргызской Республики не ограничен и распространяется на всю ее территорию. Территория Кыргызской Республики неделима.

3. Единственным источником власти в Кыргызской Республике является народ.

Народ Кыргызстана осуществляет свою власть непосредственно, через систему государственных органов и органов местного самоуправления, на основе настоящей Конституции и законов Кыргызской Республики.

4. Выборы и референдумы проводятся свободно на основе всеобщего, равного и прямого избирательного права при тайном голосовании. Вопросы, выносимые на референдум, и порядок проведение референдума определяется конституционным законом.

5. Власть в Кыргызской Республике основывается на принципах:

разделения государственной власти на законодательную, исполнительную, судебную ветви, их функционирования и согласованного взаимодействия в строгом соответствии с законами;

разграничения функций и полномочий органов государственной власти и местного самоуправления;

ответственности государственных органов и органов местного самоуправления перед народом и осуществления ими своих полномочий в интересах народа.

**Статья 2.**

1. В Кыргызской Республике признаются и защищаются частная, государственная, муниципальная и иные формы собственности.

2. Собственность неприкосновенна. Никто не может быть произвольно лишен своей собственности и ее изъятие, помимо воли собственника,



коюлушу мүмкүн.

Мыйзамда каралган өзгөчө учурларда мамлекеттик муктаждыктар үчүн мүлктү ажыратып алуу анын ордун алдынала жана өз наркында толтуруу менен ишке ашырылат.

3. Жер, анын кен байлыктары, аба мейкиндиги, суулар, токойлор, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, башка жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын элине таандык, ал Кыргызстандын элинин жашоо-турмушунун жана ишаракетинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө кайтаруусунда турат.

4. Жер менчиктин жеке, муниципалдык жана башка формасында болушу мүмкүн, жер ээлеринин өз укуктарын жүзөгө ашырышы жана анын тартиби, алардын коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат.

**3-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили - кыргыз тили.

(Орус тилинин расмий тил катары статусу дагы талкууланат).

2. Кыргыз Республикасы Кыргызстандын элин түзгөн бардык улуттардын өкүлдөрү үчүн эне тилин сактап калуу, аны үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугуна кепилдик берет.

Кыргыз Республикасынын жогорку мамлекеттик кызмат адамдары расмий жыйындарда, расмий тышкы иш сапарларында мамлекеттик тилде сүйлөөгө милдеттүү.

3. Кыргыз Республикасынын Туусу, Герби, Гимни болот. Алардын сыпаттамасы жана расмий пайдалануу тартиби мыйзам менен белгиленет.

4. Кыргыз Республикасынын борбору – Бишкек шаары.

5. Кыргыз Республикасынын акча бирдиги – сом.

**4-статья.**

1. Кыргыз Республикасында идеологиялык жана саясий көп түрдүүлүк таанылат.

Эч бир идеология мамлекеттик жана милдеттүү идеология катары белгилениши мүмкүн эмес.

2. Кыргыз Республикасында эркин эрк билдирүүнүн жана жалпы кызыкчылыктардын негизинде саясий партиялар, жарандардын кесиптик жана башка коомдук бирикмелери түзүлүшү мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасында эч кандай дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары белгилениши мүмкүн эмес.

4. Кыргыз Республикасында:

мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда партиялык уюмдарды түзүүгө жана алардын иштешине, мамлекеттик кызматчылардын партиялык ишти өзүнүн кызматтык ишине байланыштырып жүргүзүшүнө;

аскер кызматчыларынын, укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө

допускается только по решению суда.

В исключительных случаях, придусмотренных законом, отчуждение имущества для государственных нужд может быть произведено с предварительным и равноценным его возмещением.

3. Земля, ее недра, воздушное пространство, воды, леса, растительный и животный мир, другие природные ресурсы принадлежат народу Кыргызской Республики, используются как основа жизнедеятельности народа Кыргызстана и находятся под особой охраной государства.

4. Земля может находиться в частной, муниципальной и иных формах собственности, осуществление собственниками своих прав и его порядок, гарантии их защиты определяются законом.

**Статья 3.**

1. Государственный язык Кыргызской Республики - кыргызский язык.

(Статус русского языка как официального языка будет обсуждатся).

2. Кыргызская Республика гарантирует представителям всех национальностей, составляющих народ Кыргызстана, право на сохранение родного языка, на создание условий для его изучения и развития.

Высшие должностные лица Кыргызской Республики на официальных заседаниях, во время официальных зарубежных визитах обязаны выступать на государственном языке.

3. Кыргызская Республика имеет Флаг, Герб, Гимн. Их описание и порядок официального использования устанавливаются законом.

4. Столица Кыргызской Республики - город Бишкек.

5. Денежная единица Кыргызской Республики - сом.

**Статья 4.**

1. В Кыргызской Республике признается идеологическое и политическое многообразие.

Никакая идеология не может устанавливаться в качестве государственной и обязательной.

2. В Кыргызской Республике могут создаваться политические партии, профессиональные и другие общественные объединения граждан на основе свободного волеизъявления и общности интересов.

3. В Кыргызской Республике никакая религия не может устанавливаться в качестве государственной или обязательной.

4. В Кыргызской Республике не допускается:

образование и деятельность партийных организаций в государственных учреждениях и организациях, осуществление государственными служащими партийную работу в связи со своей служебной деятельностью;

членство военнослужащих, работников правоохранительных и судебных органов в партиях,

болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына;

диний негизде саясий партиялардын түзүлүшүнө, диний уюмдардын саясий максаттарды жана милдеттерди көздөшүнө;

диний уюмдардын жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө;

чет өлкөлүк саясий партиялардын, коомдук жана диний уюмдардын, алардын саясий максаттарды көздөгөн өкүлчүлүктөрү менен филиалдарынын иштешине;

конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик жана жалпы улуттук коопсуздукка залал келтирүүчү саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, диний жана башка уюмдардын түзүлүшүнө жана иштешине тыюу салынат.

**5-статья.**

Кыргыз Республикасында өзгөчө жана аскердик абал конституциялык мыйзамда каралган учурларда жана тартипте гана киргизилиши мүмкүн.

**6-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден турат. Жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышууга, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

2. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн, кабыл алуунун жана аткаруунун тартиби, ошондой эле алардын аткарылышына аудит жасоо мыйзам менен аныкталат. Республикалык бюджет жыл сайын мыйзам менен кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасында бирдиктүү салык тутуму иштейт. Салыктарды белгилөө укугу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине таандык. Жаңы салыктарды белгилөөчү жана салык төлөөчүлөрдүн абалын начарлатуучу мыйзамдар өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын бирдиктүү акча-кредит саясатын жүргүзөт, акчаны эмиссиялоонун өзгөчө укугуна ээ жана Кыргыз Республикасынын банк системасын башкарат.

5. Кыргыз Республикасы кредит берүүнүн альтернативдүү принциптерин колдонуу үчүн бирдей шарттарды түзөт.

**7-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укук актылары кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эларалык келишимдер жана макулдашуу-

поддержка ими какой-либо политической партии;

создание политических партий на религиозной основе, преследование религиозными организациями политические цели и задачи;

вмешательство служителей религиозных организаций и культов в деятельность государственных органов;

деятельность иностранных политических партий, общественных и религиозных организаций, их представительств и филиалов, преследующих политические цели;

образование и деятельность политических партий, общественных объединений, религиозных и иных организаций, наносящих ущерб конституционному строю, государственной и общенациональной безопасности.

**Статья 5.**

Чрезвычайное и военное положения в Кыргызской Республике могут быть введены только в случаях и порядке предусмотренных конституционным законом.

**Статья 6.**

1. Государственный бюджет Кыргызской Республики состоит из республиканского и местных бюджетов. Граждане вправе участвовать в формировании республиканского и местных бюджетов, а также быть информированным о фактически расходуемых средств из бюджетов.

2. Порядок формирование, принятие и исполнение республиканского и местных бюджетов, а также аудит их исполнения определяется законом. Республиканский бюджет ежегодно принимается законом.

3. На территории Кыргызской Республики действует единая налоговая система. Право установления налогов принадлежит Жогорку Кенешу Кыргызской Республики. Законы, устанавливающие новые налоги и ухудшающие положение налогоплательщиков, обратной силы не имеют.

4. Национальный банк Кыргызской Республики проводит единую денежно-кредитную политику Кыргызской Республики, обладает исключительным правом денежной эмиссии и возглавляет банковскую систему Кыргызской Республики.

5. Кыргызская Республика предоставляет равные условия для применения альтернативных прицилов кредитования.

**Статья 7.**

1. Конституция Кыргызской Республики имеет высшую юридическую силу и прямое действие в Кыргызской Республике.

2. На основе Конституции принимаются конституционные законы, законы и другие нормативные правовые акты.

3. Вступившие в установленном законом порядке в силу международные договоры и соглашения, участником которых является Кыргызская



лар Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## Экинчи глава. Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери

### Биринчи бөлүм. Адамдын укуктары жана эркиндиктери

**8-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адамдын кадыр-баркы ыйык жана колтийгис.

2. Адамдын негизги укуктары жана эркиндиктери ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар талашсыз, ажыратылгыс чындык катары таанылат жана кимдир-бирөөлөрдүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголот.

3. Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардык адамдар бирдей. Эчким тек-жайы, жынысы, расасы, улуту, тили, туткан дини, саясий жана диний ынанымдары үчүн же жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр бир башка жагдайлар боюнча ыдык көрүшү, укугу жана эркиндиги кысымга алынышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

**9-статья.**

1. Кыргыз Республикасында ар бир адам жашоого болгон ажырагыс укукка ээ. Эчкимдин өмүрү кыйылышы мүмкүн эмес.

Ар бир адам өзүнүн өмүрүн жана ден соолугун, башка адамдардын өмүрүн жана ден соолугун укукка жат кол салуулардан коргоого укуктуу.

2. Турак жай колтийгис. Турак жайда жашагандардын эркине каршы эчкимдин ага кирүүгө укугу жок.

Турак жайга кирип баруу, тинтүү жана алып коюу мыйзамда каралган учурлардан тышкары, анын ээсинин уруксаты боюнча же соттун чечими боюнча гана жүргүзүлөт.

3. Ар бир адам Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинде орун которуу, өзү баруучу жана жашоочу жерди тандоо укугуна ээ.

4. Ар бир адам мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерди аткаруу учурундагы мыйзамсыз иш-аракеттеринен улам келтирилген зыяндын ордун мамлекет тарабынан толтуртуу укугуна ээ.

5. Ар бир адам кат алышуунун, телефондук сүйлөшүүлөрдүн, телеграфтык жана башка кабарлашуулардын купуя болуу укугуна ээ.

6. Ар бир адам өзүнүн жеке турмушунун колтийгистигине, ар-намысынын жана кадыр-баркынын урматталышына жана корголушуна укуктуу.

Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, адамдын макулдугу болмоюнча ал жөнүндө

## Глава вторая. Права и свобода человека и гражданина

### Раздел первый. Права и свободы человека

**Статья 8.**

1. Человеческое достоинство в Кыргызской Республике абсолютно и неприкосновенно.

2. Основные права и свободы человека принадлежат каждому от рождения. Они признаются в качестве абсолютных, неотчуждаемых и защищены законом и судом от посягательств со стороны кого бы то ни было.

3. Все в Кыргызской Республике равны перед законом и судом. Никто не может подвергаться какой-либо дискриминации, ущемлению прав и свобод по мотивам происхождения, пола, расы, национальности, языка, вероисповедания, политических и религиозных убеждений или по каким-либо иным условиям и обстоятельствам личного или общественного характера.

В Кыргызской Республике мужчины и женщины имеют равные права и свободы и равные возможности для их реализации.

**Статья 9.**

1. В Кыргызской Республике каждый человек имеет неотъемлемое право на жизнь. Никто не может быть лишен жизни.

Каждый имеет право защищать свою жизнь и здоровье, жизнь и здоровье других лиц от противоправных посягательств.

2. Жилище неприкосновенно. Никто не может проникать в жилище против воли проживающих в нем лиц.

Проникновение в жилище, обыск и выъемка могут производиться только с разрешения его владельца или по решению суда, за исключением случаев, предусмотренных законом.

3. Каждый имеет право на свободу передвижения, выбор места пребывания и жительства в пределах территории Кыргызской Республики.

4. Каждый имеет право на возмещение государством вреда, причиненного незаконными действиями государственных органов, органов местного самоуправления и их должностных лиц при исполнении служебных обязанностей.

5. Каждый имеет право на тайну переписки, телефонных переговоров, телеграфных, почтовых и иных сообщений.

6. Каждый имеет право на неприкосновенность его частной жизни, на уважение и защиту чести и достоинства.

Не допускается сбор, хранение, использование и распространение конфиденциальной ин-

купуя маалыматты чогултууга, сактоого, пайдаланууга жана таркатууга жол берилбейт.

Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекемелерде жана уюмдарда мамлекеттик жашырын сыр же мыйзам тарабынан корголгон башка бир купуя сыр болуп саналбаган өзү жөнүндө маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

7. Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу.

8. Ар бир адамга өзү жана өз үйбүлө мүчөлөрү жөнүндө жалган маалыматтарды жокко чыгаруу укугу жана ар кандай маалыматты алып салууну талап кылуу укугу, ошондой эле жалган маалыматты чогултуудан, сактоодон жана таркатуудан улам келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуу укугу жагынан соттук коргоого кепилдик берилет.

Жарандык укуктук мамилелерде келип чыккан талаштарды соттон тышкары чечүү үчүн бейтарап соттор түзүлүшү мүмкүн. Бейтарап соттордун ыйгарым укуктары, аларды түзүү жана иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

Жергиликтүү жамааттар мыйзамда белгиленген тартипте аксакалдар сотторун уюштура алат.

9. Ар бир адам өз ойпикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине, ошондой эле бул ойпикирлерди жана ынанымдарды тоскоолдуксуз айтууга укуктуу. Өз ойпикирин жана ынанымдарын билдирүүгө эч ким мажбурланууга тийиш эмес.

Ар бир адамга адабий, көркөм сүрөт, илимий жана техникалык чыгармачылык эркиндигине, интеллектуалдык менчикти коргоого кепилдик берилет.

Ар бир адам маалыматты эркин чогултууга, сактоого, пайдаланууга жана бул маалыматты оозеки, жазуу жүзүндө же башкача ыкма менен таркатууга укуктуу.

10. Ар бир адамга дин тутууга, диний расымдарга эркиндик кепилденет.

11. Ар бир адам өзүнүн улутун эркин аныктоого укуктуу. Эч ким өз улутун аныктоого же көрсөтүүгө мажбурланууга тийиш эмес.

12. Ар бир адам өзүнүн мүлкүн, өзүнүн интеллектик, чыгармачылык ишинин натыйжаларына ээлик кылууга, аларды пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу.

13. Ар бир адам экономикалык эркиндикке, мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишаракеттер үчүн өз жөндөмүн жана мүлкүн эркин пайдаланууга укуктуу. Мамлекет дин тутууну эске алуу менен ар бир адам үчүн экономикалык эркиндикке укукту турмушка ашыруунун теңдеш шарттарын түзөт.

14. Ар бир адам эмгектенүү эркиндигине, өзүнүн эмгектенүү жөндөмүн пайдаланууга, кесибин жана ишинин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгек шартына жана өз эмгегинин корголушуна, ошондой эле эмгеги үчүн акы алууга жана социалдык жактан корголууга укуктуу.

формации о лице без его согласия, кроме случаев, установленных законом.

Каждый имеет право знакомиться в органах государственной власти, органах местного самоуправления, учреждениях и организациях со сведениями о себе, не являющимися государственной или иной защищенной законом тайной.

7. Каждый имеет право обращаться в органы государственной власти, органы местного самоуправления и их должностным лицам.

8. Каждому гарантируется судебная защита в области права опровергать недостоверную информацию о себе и членах своей семьи и требовать изъятия любой информации, а также право на возмещение материального и морального ущерба, причиненного сбором, хранением и распространением недостоверной информации.

Для внесудебного разрешения споров, возникающих из гражданских правоотношений, могут учреждаться третейские суды. Полномочия, порядок образования и деятельности третейских судов определяются законом.

Местное сообщество может учреждать суды аксакалов в установленном законом порядке.

9. Каждый имеет право на свободу мысли, слова и печати, а также на беспрепятственное выражение этих мыслей и убеждений. Никто не может быть принужден к выражению своих мнений и убеждений.

Каждому гарантируется свобода литературного, художественного, научного и технического творчества, защита интеллектуальной собственности.

Каждый имеет право свободно собирать, хранить, использовать информацию и распространять ее устно, письменно или иным способом.

10. Каждому гарантируется свобода совести, вероисповедания.

11. Каждый вправе свободно определять свою национальную принадлежность. Никто не должен быть принужден к определению и указанию его национальной принадлежности.

12. Каждый имеет право владеть, пользоваться и распоряжаться своим имуществом, результатами своей интеллектуальной, творческой деятельности.

13. Каждый имеет право на экономическую свободу, свободное использование своих способностей и своего имущества для любой экономической деятельности, не запрещенной законом. Государство создает для каждого равные условия реализации права на экономическую свободу с учетом вероисповедания.

14. Каждый имеет право на свободу труда, распоряжаться своими способностями к труду, выбирать профессию и род занятий, на охрану и условия труда, отвечающие требованиям безопасности и гигиены, а также право на вознаграждение за труд и социальную защиту.



**10-статья.**

1. Ар бир адам эркиндигинин жана денебоюнун колтийгистик укугуна ээ.

2. Эч ким соттун жүйөлүү чечими болмоюнча кармалышы же камакка алынышы мүмкүн эмес жана ал мыйзам менен белгиленген негиздерде жана тартипте гана жүргүзүлөт.

Камакка алынган же кармалган ар бир адам тез арада 24 сааттын ичинде анын кармалышынын жана камакка алынышынын мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн сот ишине катышканга укуктуу.

Камакка алынган же кармалган ар бир адамга камакка алуунун же кармоонун жүйөлөрү жөнүндө кечиктирилбестен билдирилүүгө, анын укуктары түшүндүрүлүүгө жана кармалган учурдан тартып өзүн өзү коргоого жана адвокаттын укуктук жардамынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш. Мыйзамда каралган учурларда адвокаттык жардам мамлекеттин эсебинен көрсөтүлөт.

3. Ар кандай эл алдында же башкача айыптоодо ар бир адам өзүнүн абийирин, ар-намысын, иштиктүүлүк аброюн жана укуктарын сотто коргоого укуктуу, мындай соттук коргоодон эч кандай жагдайда баш тартылышы мүмкүн эмес.

Соттук коргоо ар бир адамдын сот ишин каронун ар кандай стадиясында эч бузулбай турган укугу болуп саналат.

4. Кылмыш-жазалык иш боюнча айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экендигине күмөн саноолорду жокко чыгарууга мүмкүн болбогон учурда алар айыпталуучунун пайдасына чечмеленет.

Эчким өзүнө жана өзүнүн жубайына, мыйзам менен аныктала турган жакын туугандарына каршы күбө болууга милдеттүү эмес. Мыйзамда көрсөтмө берүү милдетинен бошотуучу башка учурлар да белгилениши мүмкүн.

Кылмыш-жазалык жана административдик иштер боюнча күнөөнү далилдөө жүгү айыптоочуга жүктөлөт.

Сот адилеттигин жүргүзүүдө мыйзамды бузуу менен табылган далилдерди пайдаланууга жол берилбейт.

5. Ар бир адам соттук териштирүү ишин мыйзамда каралган учурларда калыс өкүлдөрдүн катышуусу менен каралышына укуктуу

6. Мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү менен күнөөлүү деп табылмайынча ар бир адам жасалган кылмыш үчүн күнөөлүү деп эсептелбейт.

7. Өзүнүн кылмыш жасагандыгын мойнуна алгандыгынын негизинде гана эчким соттолушу мүмкүн эмес.

8. Кылмыш-жазалык иш үчүн соттолгон ар бир киши мыйзамда белгиленген тартипте өкүмдүн кайра каралышына укуктуу, ошондой эле ырайым кылууну же жазаны жеңилдетүүнү өтүнүүгө укуктуу.

9. Бир укук бузгандык үчүн эчким эки жолу укук жоопкерчилигине тартылууга тийиш эмес.

10. Кылмыш-жаза мыйзамын окшоштук боюн-

**Статья 10.**

1. Каждый имеет право на свободу и личную неприкосновенность.

2. Никто не может быть арестован или содержаться под стражей иначе как по решению суда и только на основаниях и в порядке, установленных законом.

Каждое арестованное или задержанное лицо имеет право в срочном порядке в течение 24 часов участвовать в судебном заседании для решения вопроса о законности его ареста или задержания.

Каждому арестованному или задержанному должно быть безотлагательно сообщено о мотивах ареста или задержания, разъяснены его права и предоставлена возможность, с момента соответственно задержания, ареста или предъявления обвинения защищать себя лично и пользоваться правовой помощью адвоката. В случаях, предусмотренных законом, адвокатская помощь оказывается за счет государства.

3. При любом публичном или ином обвинении каждый имеет право на защиту своей чести, достоинства, деловой репутации и права в суде, ни при каких обстоятельствах в такой судебной защите не может быть отказано.

Судебная защита является ненарушаемым правом каждого на любой стадии процесса рассмотрения судебного дела.

4. Обвиняемый по уголовному делу не обязан доказывать свою невиновность. Неустранимые сомнения в виновности толкуются в пользу обвиняемого.

Никто не обязан свидетельствовать против самого себя, своего супруга и близких родственников, круг которых определяется законом. Законом могут устанавливаться и иные случаи освобождения от обязанности давать показания.

Бремя доказывания вины по уголовным и административным делам возлагается на обвинителя.

При осуществлении правосудия не допускается использование доказательств, добытых с нарушением закона.

5. Каждый имеет право на рассмотрение дела судом с участием присяжных заседателей в случаях, предусмотренных законом.

6. Каждый считается невиновным в совершении преступления, пока его виновность не будет признана вступившим в законную силу приговором суда.

7. Никто не может быть осужден лишь на основе его собственного признания в совершении преступления.

8. Каждый осужденный за уголовное преступление имеет право на пересмотр приговора в порядке, установленном законом, а также право просить о помиловании или смягчении наказания.

9. Никто не должен нести дважды юридическую ответственность за одно и то же правонарушение.

ча колдонууга жол берилбейт.

Адамдын жоопкерчилигин белгилеген же оордоткон мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурда укук бузуу катары таанылбаган аракеттер үчүн эч ким жоопкерчиликке тартылууга тийиш эмес. Эгерде укук бузуу жасалгандан кийин ал үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, анда жаңы мыйзам колдонулат.

11. Кылмыштардан жана бийликти кыянат пайдалануудан улам жабыркагандардын укуктары мыйзам тарабынан корголот. Мамлекет алардын сот адилеттигинен пайдалануусун жана келтирилген зыяндын ордун толтуруп алуусун камсыз кылат.

12. Соттун өкүмү чыгарылганга чейин адамга жоопкерчилик жүктөгөн ар кандай аракеттерге жол берилбейт жана сот аркылуу материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу үчүн негиз болуп саналат.

13. Ар бир адам эларалык сотторго кайрылууга укуктуу.

14. Кыргыз Республикасында өлүм жазасына жол берилбейт.

**11-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адам укуктарына жана эркиндиктерине каршы келбеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

2. Үйбүлө - коомдун башаты; үйбүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугунун маанысы жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот; балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоо – ата-энелердин табигый укугу жана жарандык милдети. Бойго жеткен эмгекке жарамдуу балдар ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү.

3. Мамлекет жетим балдарды жана ата-энenin камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат.

4. Улууларды урматтоо, ата-энеси жана жакындары жөнүндө камкордук көрүү Кыргызстан элдеринин ыйык салты болуп саналат.

**12-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген укуктар менен эркиндиктердин саны чектелген болуп эсептелбейт жана алар адамдын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин четке кагуу же маанисин кемитүү катары түшүнүлүүгө тийиш эмес.

2. Кыргыз Республикасындагы ар бир адам Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого, башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана абийирин жана ар-намысын урматтоого милдеттүү.

3. Өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырып жаткан ар бир адам башкалардын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө тийиш эмес.

4. Кыргыз Республикасында ар бир адам мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө милдеттүү.

10. Применение уголовного закона по аналогии не допускается.

Закон, устанавливающий или отягчающий ответственность лица, обратной силы не имеет. Никто не может нести ответственность за действия, которые на момент их совершения не признавались правонарушением. Если после совершения правонарушения ответственность за него устранена или смягчена, применяется новый закон.

11. Права жертв преступлений и злоупотреблений властью охраняются законом. Государство обеспечивает им доступ к правосудию и компенсацию за причиненный ущерб или вред.

12. Любые действия, возлагающие на человека ответственность за преступление до вынесения судом приговора, недопустимы и являются основанием для возмещения ему через суд материального и морального вреда.

13. Каждый имеет право обращаться в межународные суды.

14. В Кыргызской Республике смертная казнь не допускается.

**Статья 11.**

1. В Кыргызской Республике народные обычаи и традиции, непротиворечащие правам и свободам человека, поддерживаются государством.

2. Семья – исток общества; семья, отцовство, материнство, детство - предмет заботы всего общества и преимущественной охраны закона; забота о детях, их воспитание - естественное право и гражданская обязанность родителей. Трудоспособные совершеннолетние дети обязаны заботиться о родителях.

3. Государство обеспечивает содержание, воспитание, обучение детей-сирот и детей, лишенных родительского попечения.

4. Уважение к старшим, забота о родных и близких являются священной традицией народов Кыргызстана.

**Статья 12.**

1. Права и свободы, установленные Конституцией Кыргызской Республики, не являются исчерпывающими и они не должны толковаться как отрицание или умаление других общепризнанных прав и свобод человека.

2. Каждый обязан соблюдать Конституцию и законы Кыргызской Республики, уважать права, свободы, честь и достоинство других лиц.

3. Каждый, кто реализует свои права и свободы не должен ограничивать права и свободы других.

4. В Кыргызской Республике каждый обязан платить налоги и сборы в случаях и порядке, предусмотренных законом.



**13-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу мыйзамдар чыгарылууга тийиш эмес.

2. Башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук коопсуздукту жана тартипти, аймактык бүтүндүктү камсыз кылуу, конституциялык түзүлүштү коргоо максатында гана укуктун жана эркиндиктин чектелишине Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен жол берилет. Ошол эле учурда конституциялык укук менен эркиндиктин маңызына доо кетиши мүмкүн эмес.

**14-статья.**

1. Инсандын денебоюнун, ар-намысынын кол тийгистигин чектөөгө ал жасаган кылмыш үчүн мыйзам негизиндеги жаза катарында сот өкүмү боюнча гана жол берилет. Кыйноолорго, запкы көрсөтүүлөргө же адамгерчиликке сыйбаган мазактоочу жазалоолорго бир да киши дуушар болууга тийиш эмес.

2. Талапка ылайык жол менен билдирилген жана ырасталган ыктыярдуу макулдугу болмоюнча адамдарга медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйба жасоого тыюу салынат.

3. Кыргыз Республикасы чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга адам укугунун бузулушуна байланыштуу мыйзамда белгиленген тартипте башбаанек укугун бере алат.

## Экинчи бөлүм
## Жарандык
## Жарандын укуктары жана эркиндиктери

**15-статья.**

1. Адамдын Кыргыз Республикасына таандык экендиги жана статусу жарандык аркылуу аныкталат. Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы ар бир жаранды анын жарандыгын ырастаган документ менен мыйзамда белгиленген тартипте камсыз кылууга милдеттүү.

2. Кыргыз Республикасынын жараны өз жарандыгына жараша укуктарга ээ болот жана милдеттенмелерди алат.

3. Кыргыз Республикасынын бир да жараны өз жарандыгынан жана жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

4. Кыргыз Республикасынын жараны башка мамлекетке берилиши мүмкүн эмес.

5. Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жарандары болгондугуна карабастан Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналат. Кыргыз Республикасынын жарандыгын тариздөө тартиби жана шарттары мыйзам аркылуу аныкталат.

6. Мамлекет Кыргыз Республикасынан сырткары жерлерде өз жарандарын коргоону жана калкалоону кепилдике алат.

**Статья 13.**

1. В Кыргызской Республике не должны издаваться законы, отменяющие права и свободы человека.

2. Ограничения в осуществлении прав и свобод допускаются Конституцией и законами Кыргызской Республики лишь в целях обеспечения прав и свобод других лиц, общественной безопасности и порядка, территориальной целостности, защиты конституционного строя. При этом существо конституционных прав и свобод не может быть затронуто.

**Статья 14.**

1. Ограничения, касающиеся физической и моральной неприкосновенности личности, допустимы только на основании закона по приговору суда как наказание за совершенное преступление. Ни один человек не может подвергаться пыткам, истязаниям или антигуманным унизительным наказаниям.

2. Запрещаются медицинские, биологические, психологические опыты над людьми без надлежащим образом выраженного и удостоверенного добровольного согласия испытуемого.

3. Кыргызская Республика может предоставить право убежища иностранным гражданам и лицам без гражданства по мотивам нарушения прав человека в установленным законом порядке.

## Раздел второй.
## Гражданство
## Права и обязанности гражданина

**Статья 15.**

1. Принадлежность человека к Кыргызской Республике и его статус определяются гражданством. Уполномоченный орган Кыргызской Республики обязан обеспечивать каждого гражданина документом, удостоверяющим его гражданство.

2. Гражданин Кыргызской Республики в силу своего гражданства имеет права и несет обязанности.

3. Ни один гражданин Кыргызской Республики не может быть лишен своего гражданства и права изменить свое гражданство.

4. Гражданин Кыргызской Республики не может быть выдан другому государству.

5. Кыргызы, проживающие за пределами Кыргызстана, вне зависимости от наличия гражданства другого государства, являются гражданами Кыргызской Республики. Порядок и условия оформления гражданства Кыргызской Республики определяется законом.

6. Государство гарантирует своим гражданам защиту и покровительство за пределами Кыргызской Республики.

**16-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары бирикме эркиндигине укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары, алардын бирикмелери Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында тыюу салынгандардан жана чектөө коюлгандардан башка бардык аракеттерди жана иштерди жүзөгө ашырууга укуктуу.

3. Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, бул жагындагы укук бузууларды болтурбоо жана бузулган абалды калыбына келтирүү – мамлекеттин, анын бардык органдарынын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын милдети.

4. Кыргыз Республикасы жарандардын ушул Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекемделген бардык укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кепилдикке алат.

5. Жарандардын бирикмелерине аскерлештирилген түзүлүштөрдү түзүүгө тыюу салынат.

**17-статья.**

1. Жарандын укуктары менен милдеттери жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бардык жарандарга карата бирдей колдонулушу керек жана ушул Конституцияда, жарандарды социалдык жактан коргоо мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, алардын бирине да эч кандай артыкчылык жана жеңилдик берилбөөгө тийиш.

2. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан тышкары чыга албайт.

**18-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарга ылайык, мыйзамдарды жана республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу.

3. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүгө бирдей укукка ээ. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүнүн тартиби мыйзам менен аныкталат.

**19-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары Ата Мекенин коргоого укуктуу жана милдеттүү.

2. Жарандар мыйзамда аныкталган чектерде жана түрдө аскер кызматын өтөшөт. Аскердик кызмат өтөөдөн бошотуунун же аны альтернатив-

**Статья 16.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право на свободу объединения.

2. Граждане Кыргызской Республики, их объединения вправе осуществлять любое действие и деятельность, кроме запрещенной и ограниченной настоящей Конституцией и законами Кыргызской Республики.

3. Защита прав и свобод граждан, недопущение правонарушений в данной сфере и восстановление нарушенных прав – обязанность государства, всех его органов и органов местного самоуправления и их должностных лиц.

4. Кыргызская Республика гарантирует судебную защиту всех прав и свобод своих граждан, которые установливаются настоящей Конституцией и законами Кыргызской Республики.

5. Объединениям граждан запрещается создавать военизированные формирования.

**Статья 17.**

1. Законы Кыргызской Республики о правах и обязанностях граждан должны одинаково применяться ко всем гражданам и не создавать ни для кого из них преимуществ и привилегий, кроме случаев, предусмотренных Конституцией Кыргызской Республики и законами по социальной защите граждан.

2. Государство, его органы, органы местного самоуправления и их должностные лица не могут выходить за рамки полномочий, определенных Конституцией и законами Кыргызской Республики.

**Статья 18.**

1. Граждане Кыргызской Республики в соответствии с законом имеют право участвовать в обсуждении и принятии законов и решений республиканского и местного значения.

2. Граждане Кыргызской Республики имеют право избирать и быть избранными в органы государственной власти и органы местного самоуправления, а также участвовать в референдуме.

3. Граждане Кыргызской Республики имеют равные права поступить в государственную и муниципальную службы. Порядок поступления на государственную и муниципальную службы определяется законом.

**Статья 19.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право и обязаны защитить свое Отечество.

2. Граждане несут военную службу в пределах и формах, установленных законом. Основания и порядок освобождения от несения военной служ-



дик кызмат өтөө менен алмаштыруунун негиздери жана тартиби мыйзам менен белгиленет.

**20-статья.**

Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик органдарына же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына күн мурунтан билдирген шартта тынчтык жол менен, куралсыз чогулууга жана саясий чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, демонстрацияларды жана пикеттерди өткөрүүгө укуктуу. Аларды өткөрүү тартиби жана шарттары мыйзам менен аныкталат.

**21-статья.**

Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка эркин чыгууга жана тоскоолдуксуз кайтып келүүгө укуктуу.

**22-статья.**

Кыргыз Республикасынын жарандары ишташтоого укуктуу.

Ишташтоону өткөрүү тартиби жана шарттары мыйзам менен аныкталат.

**23-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары эс алууга укуктуу.

2. Иштин эң узак убактысы, эс алуунун ар жумалык эң кыска мөөнөтү жана жыл сайын акы төлөнүүчү өргүү, ошондой эле эс алуу укугун ишке ашыруунун башка негизги шарттары мыйзам менен аныкталат.

**24-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны билим алууга укуктуу.

2. Ар бир жаран мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларынан акысыз негизги жалпы билим алууга укуктуу.

**25-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары денсоолугунун корголушуна укуктуу.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо мекемелеринин тармактарын акы төлөп жана акысыз пайдалануунун тартиби, ошондой эле медициналык мекемелердин иштөө жана жарандарга медициналык жардам көрсөтүү тартиби мыйзам менен жөнгө салынат.

**26-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары жашоосу жана саламаттыгы үчүн жагымдуу айлана-чөйрөдөн пайдаланууга жана жаратылышты пайдалануу жаатындагы аракеттерден улам саламаттыгына же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуртуп алууга укуктуу.

2. Курчап турган чөйрөгө, жаратылыш ресурстарына жана тарыхий эстеликтерге аяр мамиле кылуу ар бир жарандын ыйык парзы.

бы или замены ее альтернативной службой устанавливаются законом.

**Статья 20.**

Граждане Кыргызской Республики имеют право собираться мирно и без оружия, проводить политические собрания, демонстрации и пикеты при условии предварительного уведомления органов государственной власти или местного самоуправления. Порядок и условия их проведения опеределяются законом.

**Статья 21.**

Гражданин Кыргызской Республики имеет право свободно выезжать за пределы Кыргызской Республики и беспрепятственно возвращаться.

**Статья 22.**

Граждане Кыргызской Республики имеют право на забастовку.

Порядок и условия проведения забастовок определяются законом

**Статья 23.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право на отдых.

2. Максимальная продолжительность рабочего времени, минимальный еженедельный отдых и оплачиваемый ежегодный отпуск, а также иные основные условия осуществления права на отдых определяются законом.

**Статья 24.**

1. Каждый гражданин Кыргызской Республики имеет право на образование.

2. Каждый гражданин вправе получить бесплатно основное общее среднее образование в государственных и муниципальных учебных заведениях.

**Статья 25.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право на охрану здоровья.

2. Порядок платного и бесплатного пользования сетью государственных и муниципальных учреждений здравоохранения, а также порядок функционирование медицинских учреждений и оказания гражданам медицинской помощи регулируется законом.

**Статья 26.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право на благоприятную для жизни и здоровья окружающую природную среду и на возмещение ущерба, причиненного здоровью или имуществу, действиями в области природопользования.

2. Бережное отношение к окружающей среде, природным ресурсам и историческим памятникам – священный долг каждого гражданина.

**27-статья.**

1. Маданият, көркөм өнөр, адабият, илим жана жалпыга маалымдоо каражаттары – эркин болот.

2. Мамлекет тарыхый эстеликтерди коргойт, адабият, көркөм өнөр, илим, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана спорттун өнүгүшү үчүн камкордук көрөт, зарыл шарттарды түзөт.

**28-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына жүктөлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын шайлоонун тартиби, анын ыйгарым укуктары жана аларды жүзөгө ашыруунун тартиби мыйзам менен белгиленет.

## Үчүнчү глава. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги

### Биринчи бөлүк. Кыргыз Республикасынын Президенти

**29-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти - мамлекеттин жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин башчысы.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигинин, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, адамдын жана жарандын эркиндиктеринин жана укуктарынын кепили.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт, өлкөнүн ичинде жана эларалык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан өкүлдүк кылат, Кыргыз Республикасынын эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чара көрөт, мамлекеттик бийликтин биримдигин жана улануучулугун, мамлекеттик органдардын мыйзамдын негизинде макулдашып иштешин жана өзара аракеттенишин, алардын эл алдындагы жоопкерчилигин камсыз кылат.

**30-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти беш жылдык мөөнөткө шайланат.

2. Бир эле адам эки мөөнөттөн ашык Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайлана албайт.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти болуп 35 жашка толгон жана 65 жаштан ашпаган, мамлекеттик тилди билген, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейин республикада акыркы 5 жылда жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

4. Кыргыз Республикасынын Президентин

**Статья 27.**

1. Культура, искусство, литература, наука и средства массовой информации свободны.

2. Государство охраняет исторические памятники, заботится и создает необходимые условия для развития литературы, искусства, науки, средств массовой информации и спорта.

**Статья 28.**

1. Контроль за соблюдением прав и свобод человека и гражданина в Кыргызской Республике возлагается на Акыйкатчы Кыргызской Республики.

2. Порядок избрания, полномочия Акыйкатчы Кыргызской Республики и порядок их осуществления устанавливаются законом

## Глава третья. Исполнительная власть Кыргызской Республики

### Раздел первый. Президент Кыргызской Республики

**Статья 29.**

1. Президент Кыргызской Республики - глава государства и исполнительной власти Кыргызской Республики.

2. Президент Кыргызской Республики - гарант единства народа и государственной власти, Конституции Кыргызской Республики, прав и свобод человека и гражданина.

3. Президент Кыргызской Республики определяет основные направления внутренней и внешней политики государства, представляет Кыргызскую Республику внутри страны и в международных отношениях, принимает меры по охране суверенитета и территориальной целостности Кыргызской Республики, обеспечивает единство и преемственность государственной власти, согласованное функционирование и взаимодействие государственных органов, их ответственность перед народом.

**Статья 30.**

1. Президент Кыргызской Республики избирается на пять лет.

2. Одно и то же лицо не может быть избрано Президентом Кыргызской Республики более двух сроков.

3. Президентом Кыргызской Республики может быть избран гражданин Кыргызской Республики, не моложе 35 лет и не старше 65 лет, владеющий государственным языком и проживающий в республике последние 5 лет перед выдвижением его кандидатуры в Президенты Кыргызской Республики.



шайлоонун тартиби шайлоо жөнүндө мыйзам менен аныкталат.

**31-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти шайлоонун натыйжасы аныкталгандан кийин бир айдын ичинде кызматына киришет. Кызматына киришердин алдында Кыргызстандын элине төмөндөгүдөй ант берет:

«Мен ..., Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматына киришип жатып, өз элимдин, Ата-Журтумдун алдында:

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын ыйык тутууга жана сактоого, Кыргыз мамлекетинин эгемендигин жана бүтүндүгүн коргоого, Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктары менен эркиндиктерин урматтоого жана камсыз кылууга, бүткүл эл ишенип мага жүктөгөн Кыргыз Республикасынын Президентинин бийик милдетин талыкпастан ар-намыстуулук менен аткарууга ант берем!»

2. Президенттик ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ант берген мезгилден тартып башталат. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын Президенти кызматка киришкен мезгилден тартып токтотулат.

**32-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигине жалпы жетекчилик кылат;

2) Кыргыз Республикасынын вице-президентин дайындайт жана бошотот, анын ыйгарым укуктарын аныктайт;

3) өзүнүн ишин камсыз кылган администрациясын түзөт, анын ыйгарым укуктарын аныктайт;

4) министрлерди жана мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын башка жетекчилерин дайындайт; алардын ыйгарым укуктарын аныктайт; алардын отчетторун угат; аларды кызматтан бошотот;

5) мыйзамда аныкталган мамлекеттик жана башка координациялык органдарды, мамлекеттик кызмат орундарын түзөт жана жоёт, түзүлгөн мамлекеттик кызмат орундарына дайындоолорду жүзөгө ашырат, алардын ыйгарым укуктарын аныктайт, алардын отчетторун угат;

6) шаарлардын мэрлерине дайындоого талапкерлерди жергиликтүү кеңештерге сунуш кылат жана жергиликтүү кеңештердин макулдугу менен кызмат ордунан бошотот;

7) мамлекеттик кызматчыларга эмгек акы төлөөнүн бирдиктүү системасын аныктайт.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасын дайындайт жана бошотот; Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башкармасынын курамынын жарымын

4. Порядок выборов Президента Кыргызской Республики определяется законом о выборах.

**Статья 31.**

1. Избранный Президент Кыргызской Республики в течение месяца вступает в должность. При вступлении в должность Президент Кыргызской Республики приносит присягу народу Кыргызстана:

«Я, ..., вступая в должность Президента Кыргызской Республики, перед своим народом и Отечеством клянусь:

свято соблюдать и защищать Конституцию и законы Кыргызской Республики; защищать суверенитет и независимость кыргызского государства; уважать и обеспечивать права и свободы всех граждан Кыргызской Республики, с честью и неустанно выполнять высокие обязанности Президента Кыргызской Республики, возложенные на меня доверием всего народа.».

2. Полномочия избранного Президента Кыргызской Республики начинаются с момента принятия присяги. Полномочия Президента Кыргызской Республики прекращаются с момента вступления в должность вновь избранного Президента Кыргызской Республики.

**Статья 32.**

1. Президент Кыргызской Республики:

1) осуществляет общее руководство за деятельностью исполнительной власти Кыргызской Республики;

2) назначает и освобождает вице-президента Кыргызской Республики, определяет его полномочия;

3) формирует администрацию, обеспечивающую его деятельность, определяет полномочия своей администрации;

4) назначает министров и других руководителей государственных органов исполнительной власти; определяет их полномочия; заслушивает их отчеты, освобождает их от должности;

5) учреждает и упраздняет государственные и иные координационные органы, государственные должности, определенных законом, осуществляет назначение на учрежденные государственные должности, определяет их полномочия, заслушивает их отчеты;

6) представляет местным кенешам кандидатуры для избрания на должность мэров городов и освобождает их от должности по согласованию с местными кенешами;

7) определяет единую систему оплаты труда государственных служащих.

2. Президент Кыргызской Республики:

1) назначает и освобождает с согласия Жогорку Кенеша Кыргызской Республики председателя Национального банка Кыргызской Республики; назначает и освобождает половину состава прав-

дайындайт; аларды кызмат ордунан бошотот;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасын дайындайт жана бошотот; Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлорунун курамынын жарымын дайындайт; аларды кызмат ордунан бошотот;

3) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын төрагасын дайындайт жана бошотот; Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын курамынын жарымын дайындайт, аларды мыйзамда каралган тартипте жана учурларда кызмат ордунан бошотот;

4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорун дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;

5) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылат;

3. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) мамлекеттик сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын эларалык келишимдерине кол коет;

2) чет мамлекеттердеги Кыргыз Республикасынын атайын жана ыйгарым укуктуу элчилерин жана эларалык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрдү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитетинин макулдугу менен дайындайт, аларды чакыртып алат, чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларынын жана эларалык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрдүн ишеним грамоталарын кабыл алат;

3) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жана жарандыгынан чыгаруу, саясий башбаанек берүү маселелерин чечет.

4. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлайт;

2) Кыргыз Республикасынын ардактуу наамдарын ыйгарат;

3) жогорку аскердик наамдарды, дипломатиялык рангдарды, класстык чендерди жана башка атайын наамдарды ыйгарат;

4) ырайым кылууну жүзөгө ашырат.

5. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорлорун киргизет;

2) ар жылдык республикалык бюджетти аныктайт жана аны бекитүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштайт;

3) мыйзамдарга кол коет жана аларды жарыялайт; өзүнүн каршы пикири менен аларды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайтарат;

4) Кыргызстандын элине ар жылдык кайрылуу менен чыгат;

ления Национального банка Кыргызской Республики;

2) назначает с согласия Жогорку Кенеша Кыргызской Республики председателя Счетной палаты Кыргызской Республики; назначает половину состава аудиторов Счетной палаты Кыргызской Республики; освобождает их от должности;

3) назначает с согласия Жогорку Кенеша Кыргызской Республики председателя Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики; назначает половину состава Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики; освобождает их от должности в случаях и порядке предусмотренних законом;

4) назначает и осбовождает с согласия Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Генерального прокурора Кыргызской Республики;

5) предстлавляет Жогорку Кенеш Кыргызской Республики кандидатуру для избрания на должность Акыйкатчы Кыргызской Республики.

3. Президент Кыргызской Республики:

1) ведет государственные переговоры и подписывает международные договоры Кыргызской Республики;

2) назначает, с согласия соответствующего комитета Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, чрезвычайных и полномочных послов Кыргызской Республики в иностранных государствах и дипломатических представителей в международных организациях; отзывает их; принимает верительные грамоты глав дипломатических представительств иностранных государств и представителей международных организаций;

3) решает вопросы принятия в гражданство и выхода из гражданства Кыргызской Республики, предоставления политического убежища.

4. Президент Кыргызской Республики:

1) награждает государственными наградами Кыргызской Республики;

2) присваивает почетные звания Кыргызской Республики;

3) присваивает высшие воинские звания, дипломатические ранги, классные чины и иные специальные звания;

4) осуществляет помилование.

5. Президент Кыргызской Республики:

1) вносит законопроекты в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики;

2) определяет ежегодный республиканский бюджет и вносит его в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики для утверждения.

3) подписывает и обнародует законы; возвращает законы с возражениями в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики;

4) обращается к народу Кыргызстана с ежегодным посланиями;

5) вправе приостановить или отменить действия решений государственных органов исполнительной власти;



5) мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын чечимдеринин колдонулушун токтото турууга же жокко чыгарууга укуктуу;

6. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышын мөөнөтүнөн мурда чакырууга жана анда карала турган маселелерди сунуштоого укуктуу;

2) референдум жөнүндө конституциялык мыйзамда аныкталган маселелер боюнча өз демилгеси менен референдум дайындайт; кеминде эки жүз миң шайлоочунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси боюнча референдум дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат;

3) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоону дайындайт;

4) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоону дайындайт, мыйзамда каралган учурларда аларды таркатат;

7. Кыргыз Республикасынын Президенти Куралдуу Күчтөрдүн Башкы колбашчысы болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жогорку аскер башчылыгын аныктайт.

8. Кыргыз Республикасынын Президенти мыйзамда каралган негиздер бар болсо өзгөчө абалды киргизүү мүмкүнчүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш киргизет, ал эми зарыл учурда аны айрым жерлерде алдын ала жарыялабастан киргизет, бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине токтоосуз билдирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти жалпы же жарым-жартылай мобилизацияны жарыялайт; Кыргыз Республикасына баскынчылык жасалганда же түздөнтүз баскынчылык коркунучу болгондо согуш абалын жарыялайт жана бул маселени тезарада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна коёт; өлкөнүн жана анын жарандарынын коопсуздугун коргоо таламдарында аскер абалын жарыялайт жана бул маселени Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна токтоосуз коёт.

9. Кыргыз Республикасынын Президенти ушул Конституцияда жана мыйзамдарда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**33-статья.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин ушул Конституцияга жана мыйзамдарга каршы келбеген жарлыктары жана буйруктары Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

**34-статья.**

Кыргыз Республикасынын Президенти министрлерге жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын башка жетекчилерине Кыргыз Республикасынын эларалык келишимдерине кол коюуга ыйгарым укуктарды берет.

6. Президент Кыргызской Республики:

1) вправе досрочно созвать заседание Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и определить вопросы, подлежащие рассмотрению;

2) назначает по собственной инициативе референдум по вопросам, определенным в конституционном законе о ререндуме; принимает решение о назначении референдума по инициативе не менее двухсот тысяч избирателей, большинства от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики;

3) назначает выборы в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики;

4) назначает выборы в органы местного самоуправления; в предусмотренных законом случаях осуществляет их роспуск.

3. Муниципалитеттин органдары ушул Конституцияга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген өз ыйгарым укуктарынын чегинде өздөрүнүн аймактарында аткарылууга милдеттүү болгон актыларды кабыл алат.

4. Жергиликтүү өзалдынча башкарууга соттук коргоо жана мамлекеттик бийлик органдары кабыл алган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча чыгымдардын ордун толтуруу жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген жергиликтүү өзалдынча башкаруунун укуктарын чектөөгө тыюу салуу укуктарына кепилдик берилет.

5. Муниципалитеттин органдарына – жергиликтүү кеңештер, айыл өкмөттөрү, шаар башкармалары, мэриялар, мыйзам менен белгиленген тартипте жергиликтүү жамааттар тарабынан түзүлүүчү башка өзалдынча башкаруу органдары кирет.

6. Муниципалитеттин органдарына шайлоолор мыйзамда белгиленген тартиптерде жүргүзүлөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын курамынын жарымы партиялык тизме менен шайланат.

## Глава шестая.
## Местное самоуправление

**Статья 62.**

1. Местное самоуправление в Кыргызской Республике осуществляется местными сообществами, которые в пределах закона и под свою ответственность управляют делами местного значения.

2. Единицей местного самоуправления в Кыргызской Республике является муниципалитет, объединяющий местное сообщество в границах административной территории, установленной законом.

Изменение административной территории и ее границ допускается с учетом мнения населения соответствующей территории.

3. В муниципалитетах управление делами местного значения осуществляется местным сообществом непосредственно и через выборные органы муниципалитетов, другие органы, формируемые в установленном законом порядке.

**Статья 63.**

1. Муниципалитеты через свои органы, в соответствии с законом, управляют муниципальной собственностью, формируют, утверждают и исполняют местные бюджеты, собирают и распределяют местные налоги и сборы.

2. Представительные органы муниципалитетов утверждают программы социально-экономического развития местного сообщества и социальной защиты населения, заслушивают информацию об их реализации, заслушивают информацию об использовании внебюджетных фондов, контролируют работу исполнительно-распорядительных органов муниципалитетов, заслушивают их отчеты.

3. Органы муниципалитетов в пределах своих полномочий, установленных настоящей Конституцией и законодательством Кыргызской Республики, принимают акты, обязательные для исполнения на их территории.

4. Местному самоуправлению гарантируется право на судебную защиту и компенсацию дополнительных расходов, возникших в результате решений, принятых органами государственной власти, и запрета прав местного самоуправления, установленных Конституцией и законами Кыргызской Республики.

5. К органам муниципалитета относятся – местные кенеши, айыл окмоту, городские управы, мэрии, а также иные органы местного самоуправления, создаваемые местными сообществами в порядке, установленной законом.

6. Выборы в муниципальные органы проводятся в установленном законом порядке.

Половина состава депутатов местных кенешей избирается по партийным спискам.



**64-статья.**

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын уюштурулушунун жана ишинин негиздери, ошондой эле алардын мамлекеттик бийлик органдары менен өзара мамилелерин жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

2. Муниципалитеттерге мамлекеттик айрым ыйгарым укуктар, аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттар менен бирге өткөрүп берилиши мүмкүн.

Муниципалитеттер өздөрүнө өткөрүп берилген ыйгарым укуктар жана өз иштери боюнча жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчилик тартат.

## Жетинчи глава.
## Кыргыз Республикасынын Конституциясына Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Киргизүүнүн тартиби

**65-статья.**

1. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укугу Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан көбүнө жана 200 миң шайлоочуларга таандык.

2. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тарабынан анын депутаттарынын үчтөн эки добушу менен кеминде эки окуудан кийин кабыл алынат.

Ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасынын корутундусун эске алуу менен карайт.

3. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү кабыл алынбаган сунуштар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бир жыл өтмөйүнчө кайталап киргизилиши мүмкүн эмес.

**Статья 64.**

1. Основы организации и деятельности органов местного самоуправления, а также регулирование их взаимоотношений с органами государственной власти устанавливаются законами Кыргызской Республики.

2. Муниципалитеты могут наделяться государственными полномочиями с передачей необходимых для их осуществления материальных, финансовых и иных средств.

По делегированным полномочиям и за результаты своей деятельности несут ответственность перед местными сообществами.

## Глава седьмая.
## Порядок принятия изменений и дополнений в Конституцию Кыргызской Республики

**Статья 65.**

1. Право внесения изменений и дополнений в настоящую Конституцию принадлежит Президента Кыргызской Республики, большинству от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и 200 тысячам избирателям.

2. Предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию принимаются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики с двумя третьями голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики после не менее двух чтений.

Предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию Кыргызской Республики рассматриваются Жогорку Кенешем Кыргызской Республики с учетом заключения Конституционной палаты Верховного суда Кыргызской Республики.

3. Не принятые предложения о внесении изменений и дополнений в настоящую Конституцию не может быть внесено в Жогорку Кенеше Кыргызской Республики повторно не ранее через один год.

# Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору

## (Аралаш башкаруу формасы)

Биз, Кыргызстандын эли,

Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралышын жана өркүндөшүн кубаттап;

Кыргыздардын биримдиги өлкөбүздүн туруктуулугунун жана Кыргызстандын бүткүл элинин ынтымагынын пайдубалы болорун эстен чыгарбай;

ата-бабаларыбыздын биримдикте, тынчтыкта жана ынтымакта жашагыла деген осуятын туу тутуп;

ушул Конституцияны кабыл алабыз.

### Биринчи глава. Конституциялык түзүлүштүн негиздери жана баштапкы жоболору

#### Биринчи бөлүк. Баштапкы жоболор

**1-статья.**

Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, унитардык, укуктук жана демократиялык мамлекет.

**2-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын эли – эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин булагы болуп саналат.

2. Эл бийликти шайлоолордо жана референдумдарда түздөнтүз, ошондой эле өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу жүзөгө ашырат.

3. Референдум өткөрүү тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат. Референдумда Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынбайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда бошотуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин таркатуу маселелери чечилбейт.

4. Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүн шайлайт.

Шайлоо эркин болуп саналат жана тең, жалпы (тике, кыйыр) шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт.

**3-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын аймагы бирдиктүү, колтийгис жана бөлүнгүс.

(Орус тилинин расмий тил катары статусу дагы талкууланат).

2. Кыргыз Республикасында башкаруу тутуму республикалык, администрациялык-аймактык (улустук) жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу баскычтарынан турат.

# Проект Конституции Кыргызской Республики

## (Смещенная форма правления)

Мы, народ Кыргызстана,

поддерживая возрождение и совершенствование государственности кыргызского народа;

не забывая, что единство кыргызов является фундаментом стабильности страны и согласия всего народа Кыргызстана;

исходя из заветов наших предков жить в единстве, мире и согласии,

принимаем настоящую Конституцию.

### Глава первая. Основы и исходные положения конституционного строя

#### Раздел первый. Исходные положения

**Статья 1.**

Кыргызская Республика (Кыргызстан) – суверенное, унитарное, демократическое, правовое государство.

**Статья 2.**

1. Народ Кыргызской Республики является носителем суверенитета и источником государственной власти.

2. Народ осуществляет власть непосредственно на выборах и референдумах, а также через своих представителей.

3. Порядок проведения референдума устанавливается конституционным законом. На референдуме не могут быть приняты Конституция Кыргызской Республики и изменения и дополнения в нёё, а также решены вопросы о досрочном освобождении от должности Президента Кыргызской Республики и роспуска Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

4. Граждане Кыргызской Республики избирают депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и своих представителей в органы местного самоуправления.

Выборы являются свободными и проводятся на основе равного и всеобщего (прямого и косвенного) избирательного права при тайном голосовании.

**Статья 3.**

1. Территория Кыргызской Республики едина, неприкосновенна и неделима.

(Статус русского языка как официального языка будет обсуждатся).

2. В Кыргызской Республике система управления состоит из республиканского, административно-территориального (улусного) уровней и местного самоуправления.



3. Бишкек жана Ош шаарлары республикалык маанидеги шаарлар болуп саналат, алардын статусу мыйзам менен аныкталат.

**4-статья.**

1. Кыргыз Республикасында менчиктин мамлекеттик, жеке, муниципалдык жана башка формасы таанылат жана корголот.

2. Жер, анын кен байлыктары, аба мейкиндиги, суулар, токойлор, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, башка жаратылыш ресурстары Кыргызстандын элине таандык, анын жашоо турмушунун жана иш-аракетинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө кайтаруусунда турат.

3. Жер менчиктин - мамлекеттик, жеке, аймактык (муниципалдык) жана башка түрлөрүндө болушу мүмкүн.

4. Кыргыз Республикасы өз жарандарынын жана юридикалык жактардын мүлкөө болгон менчик укугун жана ошондой эле, алардын башка мамлекеттердин аймагында турган мүлкүн, өзүнүн менчигин коргойт.

**5-статья.**

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил – кыргыз тили.

Кыргыз Республикасынын эң жогорку мамлекеттик кызмат адамдары мамлекеттик расмий жыйындарда, расмий чет өлкөлүк иш сапарларында мамлекеттик тилде сүйлөөгө милдеттүү.

2. Кыргыз Республикасы Кыргызстандын элин түзгөн бардык улуттардын өкүлдөрүнө эне тилин сактап калуу, аны үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугуна кепилдик берет.

3. Кыргыз Республикасынын Туусу, Герби, Гимни болот. Алардын сыпаттамасы жана расмий пайдалануу тартиби мыйзам менен белгиленет.

4. Кыргыз Республикасынын борбору – Бишкек шаары.

5. Кыргыз Республикасынын акча бирдиги – сом.

**6-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден турат. Жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышууга, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

2. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүнүн, кабыл алуунун жана аткаруунун тартиби, ошондой эле алардын аткарылышына аудит жасоо мыйзам менен аныкталат. Республикалык бюджет жыл сайын мыйзам менен кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасында бирдиктүү салык тутуму иштейт. Салыктарды белгилөө укугу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине таандык. Жаңы салыктарды белгилөөчү жана салык төлөөчүлөрдүн абалын начарлатуучу мыйзамдар өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

3. Города Бишкек и Ош являются городами республиканского значения, их статус определяется законом.

**Статья 4.**

1. В Кыргызской Республике признаются и защищаются частная, государственная, муниципальная и иные формы собственности.

2. Земля, ее недра, воздушное пространство, воды, леса, растительный и животный мир, другие природные ресурсы принадлежат народу Кыргызстана, используются как основа жизни и деятельности народа Кыргызстана и находятся под особой охраной государства.

3. Земля также может находиться в государственной, частной, территориальной (муниципальной) и иных формах собственности.

4. Кыргызская Республика защищает право собственности на имущество своих граждан и юридических лиц, а также их имущество и свою собственность, находящиеся на территории других государств.

**Статья 5.**

1. Государственный язык Кыргызской Республики - кыргызский язык.

Высшие должностные лица Кыргызской Республики на официальных заседаниях, во время официальных зарубежных визитах обязаны выступать на государственном языке.

2. Кыргызская Республика гарантирует представителям всех национальностей, составляющих народ Кыргызстана, право на сохранение родного языка, на создание условий для его изучения и развития.

3. Кыргызская Республика имеет Флаг, Герб, Гимн. Их описание и порядок официального использования устанавливаются законом.

4. Столица Кыргызской Республики - город Бишкек.

5. Денежная единица Кыргызской Республики - сом.

**Статья 6.**

1. Государственный бюджет Кыргызской Республики состоит из республиканского и местных бюджетов. Граждане вправе участвовать в формировании республиканского и местных бюджетов, а также быть информированным о фактически расходуемых средств из бюджетов.

2. Порядок формирования, принятия и исполнения республиканского и местных бюджетов, а также аудит их исполнения определяется законом. Республиканский бюджет ежегодно принимается законом.

3. На территории Кыргызской Республики действует единая налоговая система. Право установления налогов принадлежит Жогорку Кенешу Кыргызской Республики. Законы, устанавливающие новые налоги и ухудшающие положение налогоплательщиков, обратной силы не имеют.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын бирдиктүү акча-кредит саясатын жүргүзөт, акчаны эмиссиялоонун өзгөчө укугуна ээ жана Кыргыз Республикасынын банк системасын башкарат.

5. Кыргыз Республикасы кредит берүүнүн альтернативдүү принциптерин колдонуу үчүн бирдей шарттарды түзөт.

**7-статья.**

1. Кыргыз Республикасында Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн-түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде мыйзамдар жана башка ченемдик укук актылары кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эларалык келишимдер жана макулдашуулар, ошондой эле эларалык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

4. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары же башка ченемдик укуктук актылары Кыргыз Республикасында мыйзам чегинде күчкө ээ болгон эларалык укуктук актыларга карама-каршы келсе, эларалык актылардын жоболору колдонулат.

## Экинчи бөлүк.
## Мамлекеттик бийлик түзүлүшү

**8-статья.**

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бутактарына бөлүштүрүүнүн, алардын мыйзам боюнча иш аткарышынын жана биргелешип аракеттенишинин;

мамлекеттик органдардын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана алардын өз ыйгарым укуктарын элдин таламында жүзөгө ашырышынын; мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун милдеттерин так бөлүштүрүүнүн принциптерине негизденет.

2. Ушул Конституцияда белгиленген ыйгарым укуктардын чектеринде Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти:

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;

Кыргыз Республикасынын Президенти жана ал түзгөн аткаруу бийлик органдары;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттору жана судьялары билдирет жана жүзөгө ашырат.

**9-статья.**

1. Кыргыз Республикасында эркти ачык билдирүүнүн жана жалпы кызыкчылыктардын негизинде саясий партиялар, кесиптик жана башка коомдук бирикмелер түзүлүшү мүмкүн жана мамлекет коомдук бирикмелердин укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сактоону камсыз кылат.

4. Национальный банк Кыргызской Республики проводит единую денежно-кредитную политику Кыргызской Республики, обладает исключительным правом денежной эмиссии и возглавляет банковскую систему Кыргызской Республики.

5. Кыргызская Республика предоставляет равные условия для применения альтернативных принципов кредитования.

**Статья 7.**

1. Конституция Кыргызской Республики имеет высшую юридическую силу и прямое действие в Кыргызской Республике.

2. На основе Конституции принимаются конституционные законы, законы и другие нормативные правовые акты.

3. Вступившие в установленном законом порядке в силу международные договоры и соглашения, участником которых является Кыргызская Республика, являются составной частью правовой системы Кыргызской Республики.

4. Если законы и иные нормативно-правовые акты Кыргызской Республики противоречат международным правовым актам, имеющим законную силу в Кыргызской Республике, то применяются положения международных актов.

## Раздел второй.
## Устройство государственной власти

**Статья 8.**

1. В Кыргызской Республике государственная власть основывается на принципах:

разделения государственной власти на законодательную, исполнительную, судебную ветви, их функционирования в соответствии с законами и согласованного взаимодействия;

ответственности государственных органов перед народом и осуществления ими своих полномочий в интересах народа; четкого разграничения функций и полномочий органов государственной власти и местного самоуправления.

2. В пределах полномочий, установленных настоящей Конституцией, в Кыргызской Республике государственную власть представляют и осуществляют:

Жогорку Кенеш Кыргызской Республики;

Президент Кыргызской Республики и формируемые им органы исполнительной власти;

Верховный суд Кыргызской Республики, местные суды и судьи Кыргызской Республики.

**Статья 9.**

1. В Кыргызской Республике могут создаваться политические партии, профессиональные союзы и другие общественные объединения на основе свободного волеизъявления и общности интересов и государство обеспечивает соблюдение прав и законных интересов общественных объединений.



2. Саясий партиялар мамлекеттик иштерге:

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, мамлекеттик кызматтарга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоого катышуу жана өз талапкерлерин көрсөтүү; өкүлчүлүктүү органдарда фракцияларды түзүү аркылуу жана мыйзамда тыюу салынбаган башка формада гана катыша алат.

3. Дин жана бүткүл диний расымдар мамлекеттен ажыратылган.

4. Кыргыз Республикасында:

мамлекеттик жана партиялык институттарды бириктирүүгө, ошондой эле, мамлекеттик ишаракетти партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө;

мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда партиялык уюмдарды түзүүгө жана алардын иштешине, мамлекеттик кызматтагылар партиялык ишти өзүнүн кызмат ишине байланыштырып жүргүзүшүнө;

аскер, укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына;

диний негизде саясий партияларды түзүүгө жана диний уюмдардын саясий максаттарды жана милдеттерди көздөшүнө;

диний уюмдардын жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө;

чет өлкөлүк саясий партиялардын, коомдук жана диний уюмдардын, алардын саясий максаттарды көздөгөн өкүлчүлүктөрү менен филиалдарынын иштешине;

конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик жана жалпы улуттук коопсуздукка зыян келтирүүчү саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, диний жана башка уюмдардын түзүлүшүнө жана иштешине тыюу салынат.

**10-статья.**

1. Кыргызстандын Куралдуу Күчтөрү мамлекетти коргоо жана коргонуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоонун негиздерине ылайык куралат.

2. Куралдуу Күчтөрдүн бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын аймагынан сыртка жиберүүнүн ар бир учурунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими боюнча уруксат берилет.

3. Мамлекеттин ички саясый маселелерин чечүү үчүн Куралдуу Күчтөрдү, Ички аскерлерди пайдаланууга тыюу салынат.

4. Элдердин ынтымакта бирге жашашын бүлүнтүүчү аракеттерге, улуттар аралык жана диндер аралык жек көрүүчүлүккө же кастыкка багытталган аракеттерге жол берилбейт.

**11-статья.**

1. Кыргыз Республикасында өзгөчө абал табигый кырсык болгондо, конституциялык түзүлүшкө түздөн-түз коркунуч келгенде, зомбулук менен коштолгон жана адам өмүрүнө коркунуч туудурган массалык тополоң болгон учурларда, ошондой

2. Политические партии могут участвовать в государственных делах только в формах:

участия на выборах в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики, на государственные должности и в органы местного самоуправления и выдвижения своих кандидатов;

формирования фракций в представительных органах и в иной форме, незапрещенной законом.

3. Религия и все культы отделены от государства.

4. В Кыргызской Республике не допускается:

слияние государственных и партийных институтов, а также подчинение государственной деятельности партийным программам и решениям;

образование и деятельность партийных организаций в государственных учреждениях и организациях, осуществление государственными служащими партийной работы в связи со своей служебной деятельностью;

членство военнослужащих, работников правоохранительных и судебных органов в партиях, выступление ими в поддержку какой-либо политической партии;

создание политических партий на религиозной основе, преследование религиозными организациями политические цели и задачи;

вмешательство религиозных организаций и служителей культов в деятельность государственных органов;

деятельность иностранных политических партий, общественных и религиозных организаций, их представительств и филиалов, преследующих политические цели;

образование и деятельность политических партий, общественных объединений, религиозных и иных организаций, наносящих ущерб конституционному строю, государственной и общенациональной безопасности

**Статья 10.**

1. Вооруженные Силы Кыргызстана строятся в соответствии с принципом самообороны и оборонительной достаточности.

2. Разрешение на каждый случай перехода частей Вооруженных Сил за пределы территории Кыргызстана осуществляется решением Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

3. Использование Вооруженных Сил, Внутренних войск для решения внутригосударственных политических вопросов запрещается.

4. Не допускаются действия, способные нарушить мирную совместную жизнь народов, и действия, направленные на разжигание межнациональной или религиозной розни.

**Статья 11.**

1. В Кыргызской Республике чрезвычайное положение может быть введено Жогорку Кенешем Кыргызской Республики только в случаях стихийных бедствий, прямой угрозы конституционному строю, массовых беспорядков, сопряженных с

эле конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн жагдайларда жана мөөнөттөрдө гана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан киргизилиши мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасында согуш абалы Кыргыз Республикасына кол салуу болгон учурда гана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен киргизилиши мүмкүн.

3. Өзгөчө жана согуш абалы учурунда референдум жана мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоо өткөрүүгө, Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген мамлекеттик органдардын түзүлүшүнө, иш милдеттерине жана ыйгарым укуктарына өзгөртүү киргизүүгө жана токтотулушуна жол берилбейт.

## Экинчи глава. Адамдын жана жарандын эркиндиктери жана укуктары

### Биринчи бөлүк. Адамдын эркиндиктери жана укуктары

**12-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адамдын кадыр-баркы ыйык жана колтийгис.

2. Адамдын негизги укуктары жана эркиндиктери ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Адам укуктары менен эркиндиктери дайыма күчүндө болот. Алар талашсыз, ажыратылгыс чындык катары таанылат. Алар мыйзамдардын маңызын, мазмунун жана колдонулушун аныктайт, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу бийликтерди, жергиликтүү өз алдынча башкарууну милдеттендирет жана кимдир-бирөөлөрдүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголот.

3. Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардык адамдар бирдей. Эч ким текжайы, жынысы, расасы, улуту, тили, туткан дини, саясий жана диний ынанымдары үчүн же жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр бир башка жагдайлар боюнча ыдык көрүшү, укугу жана эркиндиги кысымга алынышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

**13-статья.**

1. Кыргыз Республикасында ар бир адам жашоого карата ажыралгыс укуктарга ээ. Эч кимдин өмүрү кыйылышы мүмкүн эмес.

Ар бир адам өзүнүн өмүрүн жана денсоолугун, башка адамдардын өмүрүн жана денсоолугун укукка жат кол салуулардан коргоого укуктуу.

2. Ар бир адам турак-жайынын колтийгистигине ээ. Турак-жайда жашагандардын эркине каршы эч кимдин ага кирүүгө укугу жок.

Турак-жайга кирип баруу же тинтүү турак-жайда жашаган адамдардын өмүрүн жана денсо-

насилием и угрозой жизни людей, а также при обстоятельствах и в пределах сроков, указанных в конституционном законе.

2. В Кыргызской Республике военное положение может быть введено решением Жогорку Кенеша Кыргызской Республики только в случае агрессии против Кыргызской Республики.

3. Во время чрезвычайного и военного положения не допускается проведения референдумов, выборов в государственные органы и органы местного самоуправления, изменения в структуре, функциях и полномочиях государственных органов, установленных Конституцией Кыргызской Республики.

## Глава вторая. Права и свободы человека и гражданина

### Раздел первый. Права и свободы человека

**Статья 12.**

1. Человеческое достоинство в Кыргызской Республике свято и неприкосновенно.

2. Основные права и свободы человека принадлежат каждому от рождения. Права и свободы человека всегда находятся в действии. Они признаются в качестве абсолютных, неотчуждаемых истин. Они определяют сущность, содержание и применение законов, они обязательны для исполнительной власти и местного самоуправления, защищены законом и судом от посягательств со стороны кого бы то ни было.

3. Все в Кыргызской Республике равны перед законом и судом. Никто не может подвергаться какой-либо дискриминации, ущемлению прав и свобод по мотивам происхождения, пола, расы, национальности, языка, вероисповедания, политических и религиозных убеждений или по каким-либо иным условиям и обстоятельствам личного или общественного характера.

В Кыргызской Республике мужчины и женщины имеют равные права и свободы и равные возможности для их реализации.

**Статья 13.**

1. В Кыргызской Республике каждый человек имеет неотъемлемое право на жизнь. Никто не может быть лишен жизни.

Каждый имеет право защищать свою жизнь и здоровье, жизнь и здоровье других лиц от противоправных посягательств.

2. Жилища неприкосновенно. Никто не может проникать в жилище против воли проживающих в нем лиц.

Проникновение в жилище, обыск и выемка могут производиться только с разрешения его вла-



олугун коргоону камсыз кылуу максатында кечиктирбестен жасоону талап кылган учурлардан тышкары анын ээсинин уруксаты же соттун чечими боюнча гана жүргүзүлөт.

3. Ар бир адам Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинде орун которуу, өзү баруучу жана жашоочу жерди тандоо укугуна ээ.

4. Ар бир адам мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерди аткаруу учурундагы мыйзамсыз ишаракеттеринен улам келтирилген зыяндын ордун мамлекет тарабынан толтуртуу укугуна ээ.

5. Ар бир адам кат алышуунун, телефондук сүйлөшүүлөрдүн, телеграфтык жана башка кабарлашуулардын купуя болуу укугуна ээ.

6. Ар бир адам өзүнүн жеке турмушунун колтийгистигине, ар намысынын жана кадыр-баркынын урматталышына жана корголушуна укуктуу.

Мыйзамда белгиленген учурлардан кошпогондо, адамдын макулдугу болмоюнча ал жөнүндө купуя маалыматты чогултууга, сактоого, пайдаланууга жана таркатууга жол берилбейт.

Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекемелерде жана уюмдарда мамлекеттик же мыйзам тарабынан корголгон башкача купуя сыр болуп саналбаган өзү жөнүндө маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

7. Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу.

8. Ар бир адамга өзү жана өз үйбүлө мүчөлөрү жөнүндө жалган маалыматтарды жокко чыгаруу укугун жана ар кандай маалыматты алып салууну талап кылуу укугун соттук коргоого, ошондой эле жалган маалыматты чогултуудан, сактоодон жана таркатуудан келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуу укугуна кепилдик берилет.

9. Ар бир адам өз ой-пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине, ошондой эле бул ой-пикирлерди жана ынанымдарды тоскоолдуксуз айтууга укуктуу. Өз ой-пикирин жана ынанымдарын билдирүүгө эч ким мажбурланууга тийиш эмес.

Ар бир адамга адабий, көркөм сүрөт, илимий жана техникалык чыгармачылык эркиндигине, интеллектуалдык менчикти коргоого кепилдик берилет.

Ар бир адам маалыматты эркин чогултууга, сактоого, пайдаланууга жана бул маалыматты оозеки, жазуу жүзүндө же башкача ыкма менен таркатууга укуктуу.

10. Ар бир адам үчүн дин тутууга, расымдарга, диний жана атеисттик ынанымга эркиндик кепилденет.

11. Ар бир адам өзүнүн улутун эркин аныктоого укуктуу. Эчким өз улутун аныктоого же көрсөтүүгө мажбурланууга тийиш эмес.

12. Ар бир адам өзүнүн мүлкүн, өзүнүн интеллекттик, чыгармачылык ишинин натыйжаларына

дельца или по решению суда, за исключением случаев, предусмотренных законом.

3. Каждый имеет право на свободу передвижения, выбор места пребывания и жительства в пределах территории Кыргызской Республики.

4. Каждый имеет право на возмещение государством вреда, причиненного незаконными действиями государственных органов, органов местного самоуправления и их должностных лиц при исполнении служебных обязанностей.

5. Каждый имеет право на тайну переписки, телефонных переговоров, телеграфных, почтовых и иных сообщений.

6. Каждый имеет право на неприкосновенность его частной жизни, на уважение и защиту чести и достоинства.

Не допускается сбор, хранение, использование и распространение конфиденциальной информации о лице без его согласия, кроме случаев, установленных законом.

Каждый имеет право знакомиться в органах государственной власти, органах местного самоуправления, учреждениях и организациях со сведениями о себе, не являющимися государственной или иной защищенной законом тайной.

7. Каждый имеет право обращаться в органы государственной власти, органы местного самоуправления и их должностным лицам.

8. Каждому гарантируется судебная защита права опровергать недостоверную информацию о себе и членах своей семьи и права требовать изъятия любой информации, а также право на возмещение материального и морального ущерба, причиненного сбором, хранением и распространением недостоверной информации.

9. Каждый имеет право на свободу мысли, слова и печати, а также на беспрепятственное выражение этих мыслей и убеждений. Никто не может быть принужден к выражению своих мнений и убеждений.

Каждому гарантируется свобода литературного, художественного, научного и технического творчества, защита интеллектуальной собственности.

Каждый имеет право свободно собирать, хранить, использовать информацию и распространять ее устно, письменно или иным способом.

10. Каждому гарантируется свобода совести, вероисповедания и атеистического убеждения.

11. Каждый вправе свободно определять свою национальную принадлежность. Никто не должен быть принужден к определению и указанию его национальной принадлежности.

12. Каждый имеет право владеть, пользоваться и распоряжаться своим имуществом, результатами своей интеллектуальной, творческой деятельности.

13. Каждый имеет право на экономическую свободу, свободное использование способностей и имущества для любой экономической деятельности, не запрещенной законом. Государство

ээлик кылууга, аларды пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу.

13. Ар бир адам экономикалык эркиндикке, мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык иш-аракеттер үчүн жөндөмүн жана мүлкүн эркин пайдаланууга укуктуу. Мамлекет дин тутууну эске алуу менен ар бир адам үчүн экономикалык эркиндикке укукту турмушка ашыруунун теңдеш шарттарын түзөт.

14. Ар бир адам эмгектенүү эркиндигине, өзүнүн эмгектенүү жөндөмүн пайдаланууга, кесибин жана ишинин түрүн тандоого, ошондой эле эмгеги үчүн сыйлык алууга жана социалдык жактан корголууга укуктуу.

**14-статья.**

1. Эч ким соттун жүйөөлүү чечими болмоюнча кармалышы же камакка алынышы мүмкүн эмес жана ал мыйзам менен белгиленген негиздерде жана тартипте гана жүргүзүлөт.

Камакка алынган же кармалган ар бир адам тез арада 24 сааттын ичинде анын кармалышынын жана камакка алынышынын мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн соттун алдына келүүгө укуктуу.

Камакка алынган же кармалган ар бир адамга камакка алуунун же кармоонун жүйөөлөрү жөнүндө кечиктирилбестен билдирилүүгө, анын укуктары түшүндүрүлүүгө жана кармалган учурдан тартып жеке өзүн коргоого жана адвокаттын укуктук жардамынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш.

Мыйзамда каралган учурларда адвокаттык жардам мамлекеттин эсебинен көрсөтүлөт.

2. Ар кандай эл алдында же башкача айыптоодо ар бир адам өзүнүн абийирин, ар-намысын, ишкердик аброюн жана укуктарын сотто коргоого укуктуу, мындай соттук коргоодон эч кандай жагдайда баш тартылышы мүмкүн эмес.

Соттук коргоо ар бир адамдын сот ишин каронун ар кандай стадиясында эч бузулбай турган укугу болуп саналат.

3. Кылмыш-жазалык иш боюнча айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экендигин жокко чыгарууга мүмкүн болбогон күмөн саноолор айыпталуучунун пайдасында чечмеленет.

Эчким өзүнө жана өзүнүн жубайына, мыйзам менен аныктала турган жакын туугандарына каршы күбө болууга милдеттүү эмес. Мыйзамда көрсөтмө берүү милдетинен бошотуучу башка учурлар да белгилениши мүмкүн.

Кылмыш-жазалык жана административдик иштер боюнча күнөөнү далилдөө жүгү айыптоочуга жүктөлөт.

Мыйзамды бузуу менен табылган далилдер алынды деп таанылбайт жана сот ишинде колдонулбайт.

4. Ар бир адам мыйзамда каралган учурларда соттук териштирүү ишинин калыс өкүлдөрдүн катышуусу менен каралышына укуктуу.

создает для каждого равные условия реализации права на экономическую свободу с учетом вероисповедения.

14. Каждый имеет право на свободу труда, распоряжаться своими способностями к труду, выбирать профессию и род занятий, на охрану и условия труда, отвечающие требованиям безопасности и гигиены, а также право на вознаграждение за труд и социальную защиту.

**Статья 14.**

1. Никто не может быть арестован или содержаться под стражей иначе как по решению суда и только на основаниях и в порядке, установленных законом.

Каждое арестованное или задержанное лицо имеет право в срочном порядке в течение 24 часов участвовать в судебном заседании для решения вопроса о законности его ареста или задержания.

Каждому арестованному или задержанному должно быть безотлагательно сообщено о мотивах ареста или задержания, разъяснены его права и предоставлена возможность, с момента соответственно задержания, ареста или предъявления обвинения защищать себя лично и пользоваться правовой помощью адвоката.

В случаях, предусмотренных законом, адвокатская помощь оказывается за счет государства.

2. При любом публичном или ином обвинении каждый имеет право на защиту своей чести, достоинства, деловой репутации и права в суде; ни при каких обстоятельствах в такой судебной защите не может быть отказано.

Судебная защита является не нарушаемым правом каждого на любой стадии процесса рассмотрения судебного дела.

3. Обвиняемый по уголовному делу не обязан доказывать свою невиновность. Неустранимые сомнения в виновности толкуются в пользу обвиняемого.

Никто не обязан свидетельствовать против самого себя, своего супруга и близких родственников, круг которых определяется законом. Законом могут устанавливаться и иные случаи освобождения от обязанности давать показания.

Бремя доказывания вины по уголовным и административным делам возлагается на обвинителя.

Доказательства, добытые с нарушением закона, не признаются добытыми и не используются в судопроизводстве.

4. Каждый имеет право на рассмотрение дела судом с участием присяжных заседателей в случаях, предусмотренных законом.

5. Каждый считается невиновным в совершении преступления, пока его виновность не будет



5. Мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү менен күнөөлүү деп табылмайынча ар бир адам жасалган кылмыш үчүн күнөөлүү деп эсептелбейт.

6. Өзүнүн кылмыш жасагандыгын мойнуна алгандыгынын негизинде гана эчким соттолушу мүмкүн эмес.

7. Кылмыш иши үчүн соттолгон ар бир адам мыйзамда белгиленген тартипте өкүмдүн жогору турган сот инстанциясында кайра каралышына укуктуу, ошондой эле ырайым кылууну же жазаны жеңилдетүүнү өтүнүүгө укуктуу.

8. Бир гана укук бузгандык үчүн эч ким эки жолу юридикалык жоопкерчиликке тартылууга тийиш эмес.

9. Кылмыш-жазалык мыйзамды окшоштук боюнча колдонууга жол берилбейт.

Адамдын жоопкерчилигин белгилеген же оордоткон мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурда укук бузуу катары таанылбаган аракеттер үчүн эчким жоопкерчиликке тартылууга тийиш эмес. Эгерде укук бузуу жасалгандан кийин ал үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, анда жаңы мыйзам колдонулат.

10. Кылмыштардан жана бийликти кыянат пайдалануудан улам жабыркагандардын укуктары мыйзам тарабынан корголот. Мамлекет алардын сот адилеттигинен пайдалануусун жана келтирилген зыяндын ордун толтуруп алуусун камсыз кылат.

11. Соттун өкүмү чыгарылганга чейин адамга жоопкерчилик жүктөгөн ар кандай аракеттерге жол берилбейт жана алар сот аркылуу материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу үчүн негиз болуп саналат.

12. Ар бир адам эларалык сотторго кайрылууга укуктуу.

13. Кыргыз Республикасында өлүм жазасына жол берилбейт.

**15-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адам укуктарына жана эркиндиктерине каршы келбеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

2. Үйбүлө - коомдун башаты; үйбүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугунун маңызы жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот; балдар жөнүндө камкордук, аларды тарбиялоо – ата-энелердин табигый укугу жана жарандык милдети. Бойго жеткен эмгекке жөндөмдүү балдар ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү.

3. Мамлекет жетим-балдарды жана ата-эненин камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат.

4. Улууларды урматтоо, ата-энеси жана жакындары жөнүндө камкордук көрүү Кыргызстандын элдеринин ыйык салты болуп саналат.

**16-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген укуктар менен эркиндиктердин саны чектелген болуп эсептелбейт жана алар

признана вступившим в законную силу приговором суда.

6. Никто не может быть осужден лишь на основе его собственного признания в совершении преступления.

7. Каждый осужденный за уголовное преступление имеет право на пересмотр приговора в порядке, установленном законом, в вышестоящих судебных инстанциях, также право просить о помиловании или смягчении наказания.

8. Никто не должен нести дважды юридическую ответственность за одно и то же правонарушение.

9. Применение уголовного закона по аналогии не допускается.

Закон, устанавливающий или отягчающий ответственность лица, обратной силы не имеет. Никто не может нести ответственность за действия, которые на момент их совершения не признавались правонарушением. Если после совершения правонарушения ответственность за него устранена или смягчена, применяется новый закон.

10. Права жертв преступлений и злоупотреблений властью охраняются законом. Государство обеспечивает им доступ к правосудию и компенсацию за причиненный ущерб или вред.

11. Любые действия, возлагающие на человека ответственность за преступление до вынесения судом приговора, недопустимы и являются основанием для возмещения ему через суд материального и морального вреда.

12. Каждый имеет право обращаться в международные суды.

13. В Кыргызской Республике смертная казнь не допускается

**Статья 15.**

1. В Кыргызской Республике народные обычаи и традиции, не противоречащие правам и свободам человека, поддерживаются государством.

2. Семья – исток общества; семья, отцовство, материнство, детство - предмет заботы всего общества и преимущественной охраны закона; забота о детях, их воспитание - естественное право и гражданская обязанность родителей. Трудоспособные совершеннолетние дети обязаны заботиться о родителях.

3. Государство обеспечивает содержание, воспитание, обучение детей-сирот и детей, лишенных родительского попечения.

4. Уважение к старшим, забота о родных и близких являются священной традицией народов Кыргызстана.

**Статья 16.**

1. Права и свободы, установленные Конституцией Кыргызской Республики, не являются исчерпывающими и они не должны толковаться как

адамдын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин четке кагуу же маанисин кемитүү катары түшүнүлүүгө тийиш эмес.

2. Кыргыз Республикасындагы ар бир адам Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого, башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана абийирин жана ар-намысын урматтоого милдеттүү.

3. Өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырып жаткан ар бир адам башкалардын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө тийиш эмес.

4. Кыргыз Республикасында ар бир адам мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө милдеттүү.

**17-статья.**

1. Кыргыз Республикасында адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу мыйзамдар чыгарылууга тийиш эмес.

2. Башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук коопсуздукту жана тартипти, аймактык бүтүндүктү камсыз кылуу, конституциялык түзүлүштү коргоо максатында гана укуктун жана эркиндиктин чектелишине Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен жол берилет. Ошол эле учурда конституциялык укук менен эркиндиктин маңызына доо кетиши мүмкүн эмес.

**18-статья.**

1. Инсандын дене-боюнун, ар-намысынын кол тийгистигине тийиштүү чектөөлөргө жасалган кылмыш үчүн мыйзам негизинде жаза катарында сот өкүмү боюнча гана жол берилет. Кыйноолорго, запкы көрсөтүүлөргө же адамгерчиликке сыйбаган мазактоочу жазалоолорго бир да киши дуушар болууга тийиш эмес.

2. Талапка ылайык жол менен билдирилген жана ырасталган ыктыярдуу макулдугу болмоюнча адамдарга медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйба жасоого тыюу салынат.

3. Кыргыз Республикасы четөлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга адам укугунун бузулушуна байланыштуу мыйзамда белгиленген тартипте башбаанек укугун бере алат.

**Экинчи бөлүк.**
**Жарандар.**
**Жарандын укуктары жана эркиндиктери**

**19-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары бирикме эркиндигине укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары, алардын бирикмелери Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында тыюу салынгандардан жана чектөө коюлгандардан башка бардык аракеттерди жана иштерди жүргүзүүгө укуктуу.

3. Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, бул жагындагы укук бузууларды бол-

отрицание или умаление других общепризнанных прав и свобод человека.

2. Каждый обязан соблюдать Конституцию и законы Кыргызской Республики, уважать права, свободы, честь и достоинство других лиц.

3. Каждый, кто реализует свои права и свободы не должен ограничивать права и свободы других.

4. В Кыргызской Республике каждый обязан платить налоги и сборы в случаях и порядке, предусмотренных законом.

**Статья 17.**

1. В Кыргызской Республике не должны издаваться законы, отменяющие права и свободы человека.

2. Ограничения в осуществлении прав и свобод допускаются Конституцией и законами Кыргызской Республики лишь в целях обеспечения прав и свобод других лиц, общественной безопасности и порядка, территориальной целостности, защиты конституционного строя. При этом существо конституционных прав и свобод не может быть затронуто.

**Статья 18.**

1. Ограничения, касающиеся физической и моральной неприкосновенности личности, допустимы только на основании закона по приговору суда как наказание за совершенное преступление. Ни один человек не может подвергаться пыткам, истязаниям или антигуманным унизительным наказаниям.

2. Запрещаются медицинские, биологические, психологические опыты над людьми без надлежащим образом выраженного и удостоверенного добровольного согласия испытуемого.

3. Кыргызская Республика может предоставить право убежища иностранным гражданам и лицам без гражданства по мотивам нарушения прав человека в порядке установленным законом.

**Раздел второй.**
**Граждане.**
**Права и обязанности гражданина**

**Статья 19.**

1. Граждане Кыргызской Республики имеют право на свободу объединения.

2. Граждане Кыргызской Республики, их объединения вправе осуществлять любое действие и деятельность, кроме запрещенной и ограниченной настоящей Конституцией и законами Кыргызской Республики.

3. Защита прав и свобод граждан, недопущение правонарушений в данной сфере и восста-



турбоо жана бузулган абалды калыбына келтирүү – мамлекеттин, анын бардык органдарынын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын милдети.

4. Кыргыз Республикасы жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен бекемделген бардык укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кепилдикке алат.

5. Жарандардын бирикмелерине аскерлештирилген түзүлүштөрдү түзүүгө тыюу салынат.

**20-статья.**

1. Жарандын укуктары менен милдеттери жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бардык жарандарга карата бирдей колдонулууга жана ушул Конституцияда, жарандардын социалдык жактан коргоо мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, алардын бирине да эч кандай артыкчылык жана жеңилдик берилбөөгө тийиш.

2. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталган ыйгарым укуктардын чегинен тышкары чыга албайт.

**21-статья.**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарга ылайык, мыйзамдарды жана республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укуктуу.

